Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми

2005-жыл

2006-жылдын бугу айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрайымы: | М. Мырзабаева |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Н. Илебаев |
| | Ю. Бушман |
| Жооптуу катчы: | А. Бердигулова |

## *Кыргыз Республикасынын Төлөм теңдеми*

"Кыргыз Республикасынын Төлөм теңдеми" Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган. Басылма тышкы сектордун өнүгүүсүндөгү акыркы тенденцияларды чагылдырат жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эларалык камдар, тышкы карыз жана эларалык инвестициялык позиция боюнча маалыматтар менен таблицаларды, ошондой эле төлөм теңдемин түзүүнүн ыкмаларын жана маалымат базасын камтыйт. Басылма жылына 4 жолу - үчтүн айынын, бугу, теке айларында жана тогуздун айында кыргыз, орус жана англис тилдеринде чыгарылып турат.

Аталган басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: бугу айынын жыйырмасы.

**Шартуу белгилер жана эскертүүлөр:**

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;
_ көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар экендигин же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;
- жылдардын же айлардын ортосундагы мезгил аралыгын (мисалы 1994-1996-жылдар же үчтүн айы - кулжа айлары) билдирет, бул жерде чектелүү менен көрсөтүлгөн даталар аралыгындагы бардык жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам акыркы бөлүктөрдөгү суммалоолордо дал келбестиктер болушу мүмкүн.
Бул басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же тарыхый маалыматтардын мүмкүн болуучу өзгөрүүлөрүнө байланыштуу мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 5 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Экономика башкармалыгынын Төлөм теңдеми бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101
дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-57, 66-90- 56 телефондору,
(996312) 66-90-55; 61-07-3- факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: aberdigulova@nbkr.kg.

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн,
605-номериндеги күбөлүккө ээ.

©Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы, 2005-жыл.

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда "Кыргыз Республикасында төлөм теңдеми" басылмасынын булактарына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.
ЖЧК "Банк кабарчысы" журналынын басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265, Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын
Биология институтунун имараты, 3-кабат, 354,355-кабинеттер.
Тел: (312) 657693, 243801.
Факс (312) 657693.

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Бул басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акчакредиттик саясаты, финансылык отчеттуулугу жөнүндө кыскача маалыматты, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономикасынын сектору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***
Басылма республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын сүрөттөлүп жазылышын, инфляциянын негизги факторлорунун анализденишин, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредиттик саясаты боюнча чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана келерки чейрекке инфляциялык болжолдоолорду келтирет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***
Аталган басылмада Кыргыз Республикасынын банк тутумунун абалына финансылык ортомчу катары милдетин аткаруунун натыйжалуулугу көз карашында анализ берүү, ошондой банк тутумунун туруктанушуусуна анын курамдык элементтери боюнча жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктардын бетин ачуу келтирилет. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыка чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Аталган журналды чыгаруунун максаты болуп коммерциялык банктарды жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик документтери жана Улуттук банктын иштери жөнүндө расмий маалыматтар менен камсыз кылуу үчүн башкы банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо саналат. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банктын пресс-релизи Улуттук банкка тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

Улуттук банктын басылмалары Улуттук банктын Төрагасынын буйругу менен бекитилген тизмеге ылайык таркатылат, ошондой эле Улуттук банктын веб-сайтына жайгаштырылат, дареги: http://www.nbkr.kg

**Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси**

| | |
|---|---|
| АӨБ | - Азия өнүгүү банкы |
| АӨ | - Алыскы четөлкөлөр |
| АКУ (СПЗ) | - Атайы карыз алышуу укугу |
| АКЖО (ОДКР) | - Акчакредиттик жөнгө салуу органдары |
| БАЭ | - Бириккен Араб Эмираттары |
| ДБ | - Дүйнөлүк банк |
| ДСУ | - Дүйнөлүк соода уюму |
| ЕБРР | - Реконструкциялоонун жана өнүгүүнүн Европа банкы |
| ЕШК | - Европа Шериктештиги Комиссиясы |
| ЖТК | - Жалпы тышкы карыз |
| ИДП | - Ички дүң продукт |
| КБ | - Коммерциялык банктар |
| КБИ | - Керектөө бааларынын индекси |
| КР | - Кыргыз Республикасы |
| КМШ | - Көзкарандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине кирген өлкөлөр |
| МБИ | - Мамлекеттик бажы инспекциясы |
| МИП | - Мамлекеттик инвестиция программасы |
| МКВ | - Мамлекеттик казына векселдери |
| МТК | - Мамлекеттик тышкы карыз. |
| НЭАК | - Номиналдык эффективдүү алмашуу курсу |
| ПРГФ | - Жакырчылыктын деңгээлин төмөндөтүү жана экономиканын өнүгүүсүн турукташтыруу боюнча механизм |
| РЭАК | - Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ТЖ | - Техникалык жардам |
| ТЭИТН (ТНВЭД) | - Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| ТРжКМ | - Транспорт жана коммуникация министрлиги |
| ФМ | - Финансы министрлиги |
| УСК | - Улуттук Статистика комитети |
| ФОБ | - Экспортер-өлкөнүн чекарасындагы баа. |
| ЭВФ | - Эларалык Валюта Фондусу |
| ЭСТК | - Эларалык стандарттык товардык классификация |
| ТЧИ | - Тике четөлкө инвестициялары |

**Урматтуу окурмандар!**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 1995-жылдан тартып 2004-жылга чейинки мезгил аралыгындагы төлөм теңдеминин жана эларалык инвестициялык позициянын маалыматтары алар боюнча маалыматтардын такталышына жана айрым эсептөөлөрдүн кайра каралышына байланыштуу корректировкалангандыгы жөнүндө маалыматты эсиңиздерге салат. Ошондой эле, 2005-жылы "Коммерциялык банктын эларалык операциялары боюнча отчеттуулук формаларын толтуруу боюнча нускоого" атап айтканда, "ностро" жана "лоро" корреспонденттик эсептери жана нак четөлкө валюталары боюнча операциялары жагында өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Мындан тышкары, реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмаларына дагы өзгөртүүлөр киргизилген, мына ушуларга ылайык 1-тиркеменин 1.35- таблицасындагы анын бардык көрсөткүчтөрү кайрадан эсептелди.

# Мазмуну

**1. Төлөм теңдеминин өнүгүүсүндөгү акыркы тенденциялар** .......... 9
**2. Күндөлүк операциялар эсеби** .......... 12
Кыргыз Республикасынын соода балансы .......... 12
Тышкы сооданын товардык түзүмү .......... 12
Негизги өнөктөш өлкөлөр менен тышкы соода .......... 15
Эларалык кызмат көрсөтүүлөр балансы .......... 20
Кирешелер балансы .......... 21
Күндөлүк трансферттер балансы .......... 22
**3. Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** .......... 23
Капитал менен операциялар эсеби .......... 23
Финансылык эсеп .......... 23
Эларалык камдар .......... 24
**4. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы** .......... 25
Тышкы карыздын 2005-жылдын акырына карата түзүмү .......... 25
Мамлекеттик тышкы карыз .......... 25
Жеке тышкы карыз .......... 26
Республиканын 2000-жылдан берки тышкы карызынын өзгөрүү динамикасы .......... 27
**5. Кыргыз Республикасынын Эларалык инвестициялык позициясы** .......... 32
**I тиркеме. Таблицалар жана графиктер** .......... 35
1.1-таблица Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө) .......... 36
1.2-таблица Экспортту ТИЭТН боюнча бөлүштүрүү .......... 44
1.3-таблица Экспортту ЭСТК боюнча бөлүштүрүү .......... 44
1.4-таблица Импортту ТИЭТН боюнча бөлүштүрүү .......... 45
1.5-таблица Импортту ЭСТК боюнча бөлүштүрүү .......... 45
1.6-таблица Экспортту функционалдык бөлүштүрүү .......... 46
1.7-таблица Экспортту географиялык бөлүштүрүү .......... 46
1.8-таблица Товарлардын жеке адамдар тарабынан жүзөгө ашырылуучу экспорту .......... 46
1.9-таблица Импортту функционалдык бөлүштүрүү .......... 47
1.10-таблица Импортту географиялык бөлүштүрүү .......... 47
1.11-таблица Товарлардын жеке адамдар тарабынан жүзөгө ашырылуучу импорту .......... 47
1.12-таблица Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту .......... 48
1.13-таблица Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту .......... 50
1.14-таблица Экспорттун көлөмүнө баанын жана сандын тийгизген таасири .......... 52
1.15-таблица Импорттун көлөмүнө баанын жана сандын тийгизген таасири .......... 53
**Экспорттолуучу товарлардын өлкөлөр боюнча негизги түрлөрү** .......... 54
1.16-таблица Россияга товарлардын экспорту .......... 54
1.17-таблица Казакстанга товарлардын экспорту .......... 55
1.18-таблица Өзбекстанга товарлардын экспорту .......... 56
1.19-таблица Беларусияга товарлардын экспорту .......... 57
1.20-таблица Швейцарияга товарлардын экспорту .......... 58
1.21-таблица Кытайга товарлардын экспорту .......... 59
1.22-таблица АКШга товарлардын экспорту .......... 60
1.23-таблица Түркияга товарлардын экспорту .......... 61
1.24-таблица Германияга товарлардын экспорту .......... 62
1.25-таблица Улуу Британияга товарлардын экспорту .......... 63
1.26-таблица БАЭ товарлардын экспорту .......... 64

**Импорттолуучу товарлардын өлкөлөр боюнча негизги түрлөрү** ........ 65
1.27-таблица Россиядан товарлардын импорту ........ 65
1.28-таблица Казакстандан товарлардын импорту ........ 66
1.29-таблица Өзбекстандан товарлардын импорту ........ 67
1.30-таблица Беларусиядан товарлардын импорту ........ 68
1.31-таблица Кытайдан товарлардын импорту ........ 69
1.32-таблица АКШдан товарлардын импорту ........ 70
1.33-таблица Германиядан товарлардын импорту ........ 71
1.34-таблица Түркиядан товарлардын импорту ........ 72
I.1-график. Алмашуу курсу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси ........ 73
1.35-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын индекстери ........ 74
1.36-таблица Кыргыз Республикасында тике инвестициялардын таза агылып кирүүсүн географиялык бөлүштүрүү ........ 76
1.37-таблица Эларалык камдар (бир мезгилдин акырына карата) ........ 76
**II тиркеме: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү ыкмасы** ........ **77**
**III тиркеме: Төлөм теңдеминин "Кыдыруулар" статьясына баа берүүнүн ыкмасы** ........ **85**
**IV тиркеме: Реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасы** ........ **86**
**V тиркеме: Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы** ........ **89**
**VI тиркеме: Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөөчү коэффициенттерди эсепке алуу ыкмасы** ........ **92**
**VII тиркеме: Эларалык инвестициялык позицияны түзүү ыкмасы** ........ **94**
**VIII тиркеме: Экономиканын ачык айкындуулугун жана тышкы сооданын концентрациялануусун эсептөө ыкмасы** ........ **96**

# 1. ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ АКЫРКЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАР

Кыргыз Республикасынын экономикасы 2005-жылы динамикалуу өнүккөн, муну Кыргызстандын резиденттеринин отчеттук жыл ичиндеги тышкы экономикалык иштеринин жыйынтыктары күбөлөп турат.

Күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу 2,6 эседен көбүрөөккө өскөн жана 198,3 млн. АКШ долларын же ИДПнын 8,1 пайызын түзгөн. Күндөлүк эсеп соода балансынын тартыштыгынын жогорулоосунун таасири астында түзүлгөн, ал республикага күндөлүк трансферттердин агылып келүүсүнүн өсүүсү менен компенсацияланган.

2005-жылы **соода балансынын** тартыштыгы өткөн жылдын деңгээлинен 2,5 эсеге жогорулоо менен 418,7 млн.АКШ долларын түзгөн. Аталган көрсөткүчтүн өсүшүнө карата тенденциянын сакталышы ички сыяктуу эле, тышкы дагы факторлорунун таасири, мисалы, 2005-жылы өнөржай өндүрүшүнүн көлөмүнүн төмөндөшү, дүйнөлүк товар рыногундагы баалардын динамикасы жана башка себептер менен түшүндүрүлөт.

**Товарлардын экспорту** 2005-жылы 686,8 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2004-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 3,5 пайызга төмөн. Товардык экспорттун өлчөмүнүн төмөндөөсү алтын өндүрүүнүн төмөндөөсүнө байланыштуу аны берүүнүн өзгөчө кыскарып кетиши менен шартталган. Алтындын экспортунун физикалык көлөмүнүн кыскаруусу белгилүү өлчөмдө баалуу металлга дүйнөлүк баанын өсүшү менен компенсацияланган. **Товарлардын импорту** 2005-жылы бүтүндөй алганда, 22,3 пайызга өскөн жана 1105,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында, мунайзаттарына баанын өсүшү, ошондой эле керектөө жана инвестициялык мүнөздөгү товарларга ички суроо-талаптын жогорулашы чоң мааниге ээ болгон.

**Эларалык кызмат көрсөтүүлөр** балансы адаттагыдай эле, 30,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү тартыштык менен түзүлгөн, бул 2004-жылдагы ушундай көрсөткүчтүн маанисинен 2,2 эсеге арткан. Тартыштыктын мындай өсүшү транспорттук жүк ташуулардын көбөйүүсүнөн улам келип чыккан, алардын өлчөмү көбүнчө тиешелүү мезгилдеги товардык импорттон көзкаранды болот.

2005-жылы **кирешелер балансынын** тартыштыгы 2004-жылдагы ушундай көрсөткүчтүн маанисине салыштырганда 18,8 пайызга төмөндөгөн жана 80,9 млн. АКШ долларын түзгөн, бул, негизинен, тике инвесторлор менен операциялар боюнча төлөмдөргө карата кирешелердин өлчөмүнүн кыскарышы менен шартталган.

2005-жылы **күндөлүк трансферттердин** оң сальдосу 59,2 пайызга өскөн жана 332,1 млн. АКШ долларына жеткен, бул республикабызга акча которуулар түрүндөгү каражаттардын агылып келүүлөрүнүн көбөйүүсү менен түшүндүрүлөт.

**Капитал менен операциялар эсебинин** терс сальдосу дээрлик 2004-жылдын деңгээлинде калган жана 20,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Ошону менен бирге, отчеттук жылдагы **финансылык эсеп** мурдагы жылдагы 123,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү оң сальдого салыштырганда 50,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс түзүлгөн. Буга түрткү болгон негизги факторлор болуп, **тике четөлкө инвестицияларынын** агылып келүүсүнүн төмөндөөсү (3 эсеге) жана **башка инвестициялар** катары классификациялануучу каражаттардын 88,3 млн. АКШ долларына чейин өсүп кеткен агылып чыгуусу (2004-жылы алар боюнча нетто-келип түшүүлөр 15,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө белгиленген) саналат. **Портфелдик инвестициялар** менен операциялардын көлөмү дээрлик 2004-жылдагы деңгээлде калган болсо, ошол эле учурда алтынга карата дүйнөлүк баанын өсүшүнүн бир нече жылдар боюу сакталып жаткан тенденциясы **финансылык деривативдер** менен операциялар боюнча балансты аныктаган, алтынга бааны хеджирлөө боюнча бүтүмдөр жок-ко эссе болгон (2004-жылы 20 млн. АКШ доллары).

**Улуттук банктын алтынвалюта камдары** 8,3 пайызга өскөн жана 612,4 млн. АКШ долларын[1] түзгөн. Улуттук банктын камдык активдери товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун 4,2 айын жабууну камсыз кылган.

Кыргыз Республикасынын накта инвестициялык позициясынын **терс сальдосу** 2005-жылы 1497,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында **жалпы тышкы карыз** 2005-жылдын акырына карата 2001,4 млн. АКШ долларын түзгөн, башкача айтканда 5,2 пайызга кыскарган.

1 ЭВФ камдык позицияны камтуу менен.

## 1. 1-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык түрдө берүү)

*(АКШ млн. долларында)*

| | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | **-19,0** | **-48,9** | **-85,2** | **-75,5** | **-198,3** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -10,9 | -79,4 | -134,7 | -184,5 | -449,4 |
| Соода балансы | 31,1 | -73,3 | -132,8 | -170,6 | -418,7 |
| Экспорт (ФОБ) | 480,3 | 498,1 | 590,3 | 733,2 | 686,8 |
| КМШ | 172,2 | 170,3 | 202,4 | 277,6 | 305,0 |
| Алыскы четөлкөлөр | 308,0 | 327,7 | 387,9 | 455,5 | 381,8 |
| Импорт (ФОБ) | 449,2 | 571,4 | 723,1 | 903,8 | 1105,5 |
| КМШ | 250,1 | 311,7 | 394,5 | 554,4 | 641,0 |
| Алыскы четөлкөлөр | 199,1 | 259,6 | 328,7 | 349,4 | 464,5 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -42,0 | -6,2 | -1,9 | -13,9 | -30,8 |
| Көрсөтүлгөн кызматтар | 83 | 142 | 158 | 210 | 266 |
| Алынган кызмат көрсөтүүлөр | -125 | -148 | -160 | -224 | -297 |
| Кирешелер | -59,1 | -57,8 | -62,2 | -99,6 | -80,9 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -25,7 | -19,6 | -26,8 | -57,6 | -34,1 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | 0,5 | 0,3 | 0,3 | 0,1 | 0,0 |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | -23,6 | -26,3 | -22,4 | -28,4 | -29,4 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -35,3 | -31,8 | -26,9 | -36,8 | -36,8 |
| Башка инвестициялар жана башка кирешелер | 11,6 | 5,5 | 4,5 | 8,4 | 7,4 |
| Эмгекке төлөө | -10,3 | -12,2 | -13,3 | -13,7 | -17,4 |
| Күндөлүк трансферттер | 51,0 | 88,4 | 111,7 | 208,5 | 332,1 |
| **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** | **-4,9** | **69,0** | **-14,8** | **103,3** | **-70,6** |
| Капитал менен операциялардын эсеби | -32,0 | -7,9 | -0,9 | -19,9 | -20,5 |
| Капиталдык трансферттер | -32,0 | -7,9 | -0,9 | -19,9 | -20,5 |
| Финансы эсеби | 27,1 | 76,9 | -14,0 | 123,2 | -50,1 |
| Тике инвестициялар | -1,1 | 4,7 | 45,5 | 131,1 | 42,6 |
| Портфелдик инвестициялар | 1,2 | -12,0 | 6,0 | -2,5 | -4,4 |
| Финансы деривативдери | 17,6 | -5,1 | -20,0 | -20,5 | — |
| Башка инвестициялар | 9,4 | 89,4 | -45,5 | 15,1 | -88,3 |
| Активдер ("-" көбөйүү) | -9,4 | 15,1 | -76,6 | -36,1 | -61,2 |
| Коммерциялык банктар | -16,5 | -42,8 | -50,2 | -63,6 | -24,5 |
| Башка активдер | 7,0 | 58,0 | -26,5 | 27,4 | -36,7 |
| Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) | 18,8 | 74,2 | 31,1 | 51,2 | -27,1 |
| Коммерциялык банктар | 3,9 | 32,7 | 36,6 | 33,8 | -65,5 |
| Кредиттер | 18,6 | 30,9 | -13,4 | 40,3 | 16,4 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 68,2 | 46,8 | 34,0 | 56,3 | 16,3 |
| Алынганы | 111,6 | 84,0 | 75,5 | 99,2 | 66,0 |
| Амортизация (график) | -43,4 | -37,2 | -41,6 | -42,9 | -49,7 |
| Жеке секторго кредиттер | -49,6 | -15,9 | -47,4 | -16,0 | 0,1 |
| Алынганы | 4,3 | 3,0 | 13,3 | 6,9 | 10,7 |
| Амортизация (график) | -53,9 | -18,9 | -60,7 | -22,9 | -10,6 |
| Жана башка милдеттенмелер | -3,7 | 10,6 | 7,9 | -23,0 | 22,0 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **23,1** | **8,5** | **109,6** | **91,0** | **298,0** |
| **Жалпы теңдем** | **-0,8** | **28,6** | **9,5** | **118,7** | **29,1** |
| **Каржылоо** | **0,8** | **-28,6** | **-9,5** | **-118,7** | **-29,1** |
| Улуттук банктын камдары | -16,3 | -43,8 | -50,8 | -160,6 | -80,5 |
| ЭВФтин кредиттери | -2,1 | -6,0 | -0,9 | -3,8 | -12,5 |
| Өзгөчө каржылоо | 19,2 | 21,2 | 42,2 | 45,7 | 63,9 |
| Жана башка каржылоо | — | — | — | — | — |

| 2004 | | | | 2005 | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | III | IV | |
| **-21,5** | **-27,8** | **-13,9** | **-12,4** | **-36,4** | **-52,7** | **-43,2** | **-66,0** | **Күндөлүк операциялар эсеби** |
| -33,0 | -33,0 | -58,6 | -59,8 | -66,0 | -106,4 | -132,2 | -144,8 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -31,2 | -33,1 | -47,9 | -58,5 | -56,9 | -93,6 | -125,1 | -143,1 | Соода балансы |
| 158,9 | 184,0 | 187,3 | 203,0 | 168,0 | 161,2 | 167,5 | 190,1 | Экспорт (ФОБ) |
| 54,7 | 62,1 | 73,2 | 87,7 | 67,4 | 67,2 | 80,4 | 90,1 | КМШ |
| 104,2 | 121,9 | 114,1 | 115,3 | 100,6 | 94,1 | 87,2 | 100,0 | Алыскы четөлкөлөр |
| 190,0 | 217,1 | 235,1 | 261,5 | 224,9 | 254,8 | 292,6 | 333,2 | Импорт (ФОБ) |
| 113,8 | 131,4 | 140,8 | 168,5 | 136,4 | 143,5 | 164,9 | 196,1 | КМШ |
| 76,3 | 85,7 | 94,4 | 93,0 | 88,6 | 111,3 | 127,7 | 137,0 | Алыскы четөлкөлөр |
| -1,8 | 0,1 | -10,8 | -1,3 | -9,0 | -12,8 | -7,2 | -1,7 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 42,5 | 52,2 | 55,4 | 59,7 | 53,2 | 58,9 | 72,4 | 81,8 | Көрсөтүлгөн кызматтар |
| -44,3 | -52,2 | -66,2 | -61,0 | -62,3 | -71,8 | -79,5 | -83,5 | Алынган кызмат көрсөтүүлөр |
| -27,9 | -29,0 | -15,4 | -27,2 | -19,3 | -27,3 | -12,2 | -22,2 | Кирешелер |
| -17,3 | -14,8 | -14,3 | -11,3 | -12,9 | -10,2 | -4,8 | -6,3 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | — | — | — | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| -7,8 | -11,5 | 2,0 | -11,1 | -2,3 | -13,1 | -2,6 | -11,4 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -8,1 | -12,7 | -3,0 | -13,0 | -3,7 | -15,0 | -4,5 | -13,7 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| 0,3 | 1,2 | 5,0 | 1,9 | 1,3 | 1,9 | 1,9 | 2,3 | Башка инвестициялар жана башка кирешелер |
| -2,9 | -2,8 | -3,1 | -4,9 | -4,1 | -4,0 | -4,8 | -4,5 | Эмгекке төлөө |
| 39,4 | 34,3 | 60,2 | 74,7 | 48,9 | 81,1 | 101,2 | 101,0 | Күндөлүк трансферттер |
| **-1,7** | **19,7** | **71,8** | **13,5** | **-42,0** | **-22,3** | **-3,2** | **-3,2** | **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** |
| -1,1 | -4,1 | -7,1 | -7,5 | -3,2 | -10,3 | -14,6 | 7,5 | Капитал менен операциялардын эсеби |
| -1,1 | -4,1 | -7,1 | -7,5 | -3,2 | -10,3 | -14,6 | 7,5 | Капиталдык трансферттер |
| -0,6 | 23,8 | 78,9 | 21,0 | -38,8 | -12,0 | 11,4 | -10,7 | Финансы эсеби |
| 15,4 | 102,4 | 16,4 | -3,2 | 10,7 | 8,4 | 27,8 | -4,3 | Тике инвестициялар |
| 7,0 | 1,0 | — | -10,6 | -12,6 | 0,6 | 6,3 | 1,3 | Портфелдик инвестициялар |
| -6,0 | -14,4 | — | — | — | — | — | — | Финансы деривативдери |
| -17,0 | -65,2 | 62,5 | 34,8 | -36,9 | -21,0 | -22,7 | -7,7 | Башка инвестициялар |
| 8,0 | -90,3 | 21,8 | 24,3 | 0,7 | -26,1 | -50,2 | 14,4 | Активдер ("-" көбөйүү) |
| -19,5 | 12,6 | -27,7 | -28,9 | 15,9 | 3,4 | -27,5 | -16,3 | Коммерциялык банктар |
| 27,5 | -102,8 | 49,6 | 53,2 | -15,3 | -29,4 | -22,7 | 30,8 | Башка активдер |
| -25,1 | 25,1 | 40,6 | 10,5 | -37,6 | 5,1 | 27,5 | -22,1 | Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) |
| 9,6 | -15,6 | 24,9 | 14,9 | -44,2 | -10,1 | 3,9 | -15,0 | Коммерциялык банктар |
| -11,0 | 1,9 | 43,9 | 5,5 | 8,1 | -7,6 | 11,0 | 4,9 | Кредиттер |
| 3,3 | 2,7 | 45,0 | 5,3 | 6,5 | -3,1 | 12,0 | 0,9 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 8,0 | 18,2 | 50,1 | 22,9 | 11,9 | 16,5 | 17,6 | 20,0 | Алынганы |
| -4,8 | -15,5 | -5,1 | -17,6 | -5,5 | -19,5 | -5,6 | -19,1 | Амортизация (график) |
| -14,3 | -0,8 | -1,1 | 0,2 | 1,7 | -4,6 | -1,0 | 4,0 | Жеке секторго кредиттер |
| 3,0 | 0,4 | 0,2 | 3,2 | 4,1 | 0,8 | 0,6 | 5,3 | Алынганы |
| -17,3 | -1,2 | -1,4 | -3,0 | -2,4 | -5,3 | -1,6 | -1,3 | Амортизация (график) |
| -23,6 | 38,8 | -28,2 | -9,9 | -1,5 | 22,9 | 12,6 | -12,0 | Жана башка милдеттенмелер |
| **25,8** | **-8,8** | **55,3** | **18,6** | **66,9** | **57,5** | **75,3** | **98,3** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **2,6** | **-16,9** | **113,3** | **19,8** | **-11,5** | **-17,5** | **29,0** | **29,1** | **Жалпы теңдем** |
| **-2,6** | **16,9** | **-113,3** | **-19,8** | **11,5** | **17,5** | **-29,0** | **-29,1** | **Каржылоо** |
| -16,7 | 8,5 | -124,3 | -28,1 | -3,5 | 5,7 | -26,8 | -56,0 | Улуттук банктын камдары |
| 8,9 | -9,2 | 5,8 | -9,3 | 9,5 | -9,3 | -7,5 | -5,1 | ЭВФтин кредиттери |
| 5,3 | 17,6 | 5,2 | 17,7 | 5,5 | 21,1 | 5,4 | 32,0 | Өзгөчө каржылоо |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Жана башка каржылоо |

## 2. КҮНДӨЛҮК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

2005-жылдын жыйынтыгы боюнча күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы 2004-жылдагыга салыштырганда 2,6 эсеге өскөн жана 198,3 млн. АКШ долларын же ИДПга карата 8,1 пайызды (2004-жылы 3,4 пайыз) түзгөн. Күндөлүк эсептин тартыштыгынын өсүшү соода балансынын жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын өсүп жаткан терс сальдосу менен шартталган. Кирешелер балансынын тартыштыгы, тескерисинче, 18,8 пайызга кыскарган.

**2.1–график: Күндөлүк операциялар эсеби**
*ИДПга карата пайыздарда*




### СООДА БАЛАНСЫ

Республиканын **тышкы соода жүгүртүүсү** улам артууда, бул Кыргызстандын экономикасынын дүйнөлүк экономикага аралашуусунун өсүп бара жаткандыгын айгинилеп турат. Отчеттук жыл ичинде республиканын соода жүгүртүүсүнүн көлөмү 1792,3 млн. АКШ долларына жеткен, бул 2004-жылдагы деңгээлден 9,5 пайызга жогору[1].

Мында соода балансынын тартыштыгы 418,7 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2004-жылдагы тартыштыктан 2,5 эсеге жогору.

**2.2-график. Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*ИДПга карата пайыздарда*




[1] ФОБ баасында.

2005-жылы **товарлардын ФОБ баасындагы экспорту** 2004-жылдагыга салыштырганда 6,3 пайызга кыскаруу менен 686,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Бүтүндөй алганда, экспорттун номенклатурасы боюнча орточо баалар 8,0 пайызга өскөн, ал эми берүүлөрдүн физикалык көлөмү 27,0 пайызга кыскарган[2]. Бул, негизинен, Кыргыз Республикасында алтынды өндүрүүнүн төмөндөшү шартында ага дүйнөлүк баанын кескин өсүшү менен түшүндүрүлөт.

**Товарлардын импортунун** динамикалуу өсүшү отчеттук жылы керектөө, инвестициялык жана аралык товарларга жана энергопродуктыларга ички суроо-талаптын көбөйүүсүнүн эсебинен уланган. Товарлардын ФОБ баасындагы чогуу алгандагы импорту 1105,5 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2004-жылдагы импорттон 22,3 пайызга артат[3]. Импорттун өсүшү баалардын жогорулашынан сыяктуу эле, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 12,0 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен дагы камсыз болгон[4].

### ТЫШКЫ СООДАНЫН ТОВАРДЫК ТҮЗҮМҮ

Экономиканын ачык-айкындуулук көрсөткүчү 2005-жылы 2004-жылдагы деңгээлге салыштырганда дээрлик өзгөргөн эмес. Ачык-айкындуулуктун жогорку деңгээли республиканын тышкы - экономикалык байланыштарынын күчөтүлгөндүгүн белгилеп турат.

**2.1-таблица: Экономиканын ачыктыгы**

| | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт (млн. АКШ доллары) | 480,3 | 498,1 | 590,3 | 733,2 | 686,8 |
| Импорт (млн. АКШ доллары) | 449,2 | 571,4 | 723,1 | 903,8 | 1105,5 |
| Ачык-айкындуулук | 60,7 | 66,3 | 68,3 | 74,0 | 73,4 |

Экспорт боюнча товардык концентрациялануу 2005-жылы 2004-жылдагыга салыштырганда 4,6 пайыздык пунктка көбөйгөн.

**2.2- таблица: Сооданын товардык концентрациясы**
*(пайыздарда)*

| | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт | 49,0 | 38,5 | 46,5 | 41,9 | 46,5 |
| Импорт | 13,5 | 13,4 | 14,1 | 15,1 | 14,1 |

[2] "Таблицалар жана графиктерди" деп аталган 1-тиркеменин 1.14-таблицасын караңыз.
[3] СИФ баасында "алып сатарларды" жана бункердик отундун досчетун эсепке алуу менен 2005-жылдагы импорт 1191,8 млн. АКШ долларына барабар болгон, мында соода балансы 505 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү тартыштык менен түптөлгөн.
[4] "Таблицалар жана графиктерди" деп аталган 1-тиркеменин 1.15-таблицасын караңыз.

Импорттун товардык концентрациясы тескерисинче 1,0 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

## ТОВАРЛАРДЫН ЭКСПОРТУНУН ТҮЗҮМҮ

2005-жылы экспорттун түзүмүндө алтынды берүүнүн олуттуу үлүшүнүн сакталып турuусу байкалган. Бирок, алтынга карата дүйнөлүк баанын өсүшүнө карабастан, алтынды экспорттук берүүнүн көлөмү алтын казып алуу ишканаларында кендин көлөмүнүн төмөндөөсүнөн улам кыскарып жатат. Алып көрсөк, 2005-жылы экспорттун жалпы көлөмүндөгү алтындын экспортунун үлүшү 33,6 пайызды түзгөн, ошол эле учурда өткөн жылы аталган көрсөткүч 39,2 пайызды түзгөн эле. Мында, алтынга карата өсүп жаткан орточо баа аны берүүнүн физикалык көлөмүнүн кескин төмөндөөсүн компенсациялаган.

**2.3-график. Алтынды физикалык берүүнүн жана анын дүйнөлүк баасынын динамикасы**




Алтындын экспортун эске албаганда, товарлардын экспорту 2005-жылы 2,3 пайызга өскөн. Экспорттун өсүүсү керектөө товарларын берүүнүн 11,6 пайызга жана инвестициялык товарларды берүүнүн 15,5 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн. Ошол эле учурда чийки заттардын (16,1 пайызга), аралык товарлардын (14,4 пайызга) жана энергопродуктылардын (3,0 пайызга) экспорту кыскарган. Булгары буюмдары, пластмассадан даяр буюмдар, минерал суулары аталган топтогу товарлардын экспортунун өсүүсүн шарттаган негизги керектөө товарларынан болуп саналган. Инвестициялык товарлар тобу боюнча жарандык курулуш үчүн машиналарды жана жабдууларды, автомобилдин деталдарын жана тетиктерин, самолетторду, автомобилдерди, электроаккумуляторлорду берүү өскөн.

**2.3-таблица. Товарлардын экспортунун ЭСТК бөлүгү боюнча бөлүштүрүлүшү**

*(жыйынтыкка карата пайыздарда)*

| | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 |
|---|---|---|---|---|---|
| Тамакаш азыктары жана тирүү малдар | 4,0 | 6,4 | 6,5 | 8,7 | 8,4 |
| Суусундук жана тамеки | 5,9 | 4,3 | 2,3 | 2,3 | 2,8 |
| Отундан тышкары, чийки заттар | 9,7 | 17,0 | 11,7 | 10,8 | 11,3 |
| Минерал отуну | 11,4 | 12,0 | 11,6 | 11,3 | 11,7 |
| Малдын майлары жана өсүмдүк майлары | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Химиялык заттар | 3,8 | 5,3 | 1,7 | 3,1 | 2,2 |
| Өнөржай товарлары | 4,1 | 7,4 | 9,8 | 10,9 | 12,8 |
| Машина жана транспорт | 11,7 | 10,1 | 7,5 | 7,2 | 7,6 |
| Ар кандай даяр буюмдар | 2,1 | 4,0 | 4,3 | 5,9 | 8,9 |
| Жана башка товарлар | 47,2 | 33,5 | 44,6 | 40,0 | 34,3 |

*УСКнын маалыматы боюнча, ФОБ баасында*

Экспорттун ЭСТКнын бөлүгү боюнча түзүмүн иликтөө өнөржай товарларынын жана ар кандай даяр товарлардын үлүшүнүн туруктуу өскөндүгүн көрсөтүп турат. Ошол эле учурда тамакаш азыктарынын жана жандыктардын, химиялык заттардын жана башка товарлардын үлүшүнүн кыскаргандыгы байкалган. Минерал отунун үлүшү салыштырууга алынган жылдын деңгээлине жакын сакталып калган.

## ТОВАРЛАРДЫН ИМПОРТУНУН ТҮЗҮМҮ[5]

Товарлардын импортунун түзүмүн ЭСТКнын бөлүгү боюнча түзүмүн илктөөгө алууда "минерал отуну" тобу акыркы жети жыл ичинде товарлардын импортунун эң эле ири статясынан болуп калуусун улантууда, анын үлүшүнө 2005-жылы товарлардын импортунан 28,4 пайыз туура келген. Отчеттук жылы минерал продукцияларынын импорту 22,4 пайызга өскөн жана 313,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Товарлардын бул тобу боюнча импорттун өсүшү мунайзаттарын, анын ичинде бензинди (23,0 пайызга), керосинди (42,7 пайызга) жана дизель отунун (25,9 пайызга) берүүнүн 29,2 пайызга көбөйүүсү менен шартталган. Мунайзаттарынын импорттук берүүлөрүнүн көбөйүүсү эларалык аскер базасы тарабынан керосинге карата өсүп жаткан суроо-талап сыяктуу эле, мунайзаттарына баанын өсүшү менен дагы байланыштуу болгон.

[5] УСКнын маалыматтары, ФОБ баасында.

**2.4-таблица. Минерал отундарынын ЭСТК боюнча импорту**

*(АКШ млн. долларында)*

| | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **121,0** | **152,0** | **180,5** | **256,3** | **313,7** |
| Мунай жана мунайзат | 70,7 | 85,6 | 126,1 | 203,2 | 262,6 |
| Бензин | 29,3 | 24,3 | 46,5 | 85,3 | 104,9 |
| Керосин | 12,8 | 42,5 | 53,4 | 73,5 | 104,9 |
| Дизель отуну | 19,9 | 11,8 | 17,0 | 33,6 | 42,3 |
| Жаратылыш газы | 33,2 | 41,8 | 30,8 | 32,8 | 30,4 |
| Электроэнергия | 9,8 | 9,7 | 0,5 | 0,2 | 0,0 |
| Көмүр | 6,4 | 13,9 | 22,1 | 16,3 | 15,1 |
| Жана башка отун | 0,9 | 0,9 | 1,0 | 3,7 | 5,6 |

*УСКнын маалыматтары, СИФ баасында*

Ошол эле учурда атамекендик катуу отунду керектөөнүн өсүүсүнүн эсебинен газды, электр энергиясын жана ташкөмүрдү импорттук берүү кыскарган.

**2.5-таблица: Товарлардын импортунун ЭСТК бөлүгү боюнча бөлүштүрүлүшү**

*(жыйынтыгына карата пайыздарда)*

| | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 |
|---|---|---|---|---|---|
| Тамакаш азыктары жана тирүү малдар | 7,7 | 9,1 | 7,8 | 8,6 | 10,4 |
| Суусундуктар жана тамеки | 4,0 | 3,3 | 3,6 | 3,7 | 3,8 |
| Отундан тышкары чийки заттар | 3,6 | 4,0 | 3,7 | 3,2 | 3,3 |
| Минерал отундары | 25,9 | 25,9 | 25,2 | 27,2 | 28,5 |
| Малдын жана өсүмдүк майлары | 0,7 | 0,6 | 1,3 | 1,2 | 0,8 |
| Химиялык заттар | 16,1 | 14,8 | 14,6 | 14,6 | 14,3 |
| Өнөржай товарлары | 15,2 | 13,0 | 15,6 | 16,0 | 14,7 |
| Машиналар жана транспорттор | 19,1 | 20,9 | 19,9 | 19,1 | 18,1 |
| Ар кандай даяр буюмдар | 7,8 | 8,3 | 8,2 | 6,3 | 6,0 |
| Башка товарлар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,1 |

*УСКнын маалыматтары боюнча ФОБ баасында*

Маанилүүлүк категориясы жагынан экинчи орунда турган импорттолуучу товарлар болуп, "мурдагыдай эле, машиналар, жабдуулар жана механизмдер" тобу кала берүүдө. Анын салыштырмалуу салмагы 2005-жылы өткөн жылдагыга салыштырганда нарктык мааниде 10,8 пайызга көбөйүү менен 18,1 пайызды түзгөн. Өсүү электр байланыштары үчүн жабдуулардын, жарандык курулуш, текстиль жана булгары өнөржайы үчүн машиналардын жана жабдуулардын, электр приборлорунун, ошондой эле атайын багыттагы автомобилдердин, аларга карата деталдардын жана тиешелүү бөлүктөрүн берүүнүн көбөйүүсү менен камсыз болгон.

Товарлардын импортто орчундуу үлүштү ээлеген, "негизинен, материалдын тобу боюнча өнөржай товарлары катары классификацияланган" башка тобу импорттун жалпы көлөмүнүн 14,7 пайызын түзгөн жана 2005-жылы 7,2 пайызга өскөн. Бул топтун негизги товарлары болуп чоюндан жана болоттон жасалган буюмдар, резина покрышкалары, кагаз жана картон, кездемелер, даяр текстиль буюмдар саналган.

Химия өнөржайынын продукцияларынын салыштырмалуу салмагы жалпы импорттун 14,3 пайызын түзгөн. Товарлардын аталган тобу боюнча берүүлөр отчеттук жылы 14,6 пайызга өскөн. Бул медикаменттердин, фармацевтика продукцияларын, полимерлерди, пластмасса буюмдарын, минералдык жер семиркичтерди берүүнүн өсүшү менен түшүндүрүлөт.

Тамакаш азыктарынын импортунун өсүш арымы 2005-жылы 41,5 пайызды түзгөн, бул алардын үлүшүнүн 10,4 пайызга чейин көбөйүүсүн шарттаган. Өсүү дан азыктары, консервацияланган жашылча жана жемиштер, кондитер азыктары, кофе, чай сыяктуу товарлардын түрлөрү боюнча болуп өткөн.

Ипорттун функционалдык түзүмүндө 2005-жылы импорттун көлөмү чийки заттардан башка бардык статнялар боюнча көбөйгөн. Товарлардын импортунда орчундуу үлүштү мурдагыдай эле, керектөө товарлары ээлейт, алар жалпы импорттун 31,9 пайызын түзгөн. Мында аралык товарларынын жана энергопродуктыларынын үлүшү бир азга өскөн. Инвестициялык товарлардын импортунун салыштырмалуу салмагы мурдагы деңгээлде эле сакталып калган. Керектөө товарларынын импортунун өзгөрүүсү белгилүү бир деңгээле сомдун номиналдуу алмашуу курсунун өзгөрүүсү менен байланыштуу болгон. 2005-жылы сомдун номиналдуу алмашуу курсунун чыңдалуусу жүргөн, бул керектелүүчү товарлардын импортунун көбөйүүсүнө таасирин тийгизген.

**2. 4–график: Керектөө товарларынын импорту жана сомдун алмашуу курсунун динамикасы**




## НЕГИЗГИ ӨНӨКТӨШ ӨЛКӨЛӨР МЕНЕН ТЫШКЫ СООДА ЖҮГҮРТҮҮ

2.6-таблицадан көрүнүп тургандай, 2005-жылы товарлардын экспортунун географиялык концентрациясы 2004-жылдагыга салыштырганда 9,7 пайыздык пунктка өскөн. Өлкөлөрдүн тобу боюнча алып караганда экспорттун КМШ өлкөлөрүнө сыяктуу эле, алыскы четөлкөлөргө дагы жетишерлик түрдө жогору концентрациялануусу байкалган.

**2.6-таблица. Сооданын географиялык концентрациялануусу**

*(пайыздар менен)*

| | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт | 38,3 | 39,0 | 38,4 | 38,7 | 48,4 |
| КМШга экспорт | 53,3 | 53,2 | 57,3 | 60,0 | 57,3 |
| Алыскы четөлкөлөргө экспорт | 51,7 | 53,1 | 50,3 | 50,5 | 50,3 |
| Импорт | 32,4 | 36,2 | 37,7 | 40,4 | 37,7 |
| КМШдан импорт | 53,0 | 53,0 | 60,6 | 62,1 | 60,6 |
| Алыскы четөлкөлөрдөн импорт | 31,7 | 34,1 | 34,6 | 32,8 | 34,6 |

Товарлардын импорту аз өлчөмдө концентрацияланган, ошону менен бирге КМШ өлкөлөрүнөн иморттун концентрацияланууусунун жогорку деңгээли сакталып калган. Алыскы четөлкөлөрдөн импорт өнөктөш мамлекеттердин кеңири курамында берилген, бул болсо өлкөлөрдүн аталган тобу боюнча концентрациялануунун кыйла аз экендигин түшүндүрөт.

1-кыстырма. Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу

Улуттук банк ушул басылманы басып чыгаруудан баштап сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасына өзгөртүүлөр киргизиле тургандыгын билдирет.

Мындай өзгөрүүлөрдүн себеби, сомдун номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстерин эсептөөнүн мурда колдонулуп келинген ыкмасы валюталарды котировкалоо жагынан айырмалангандыгында. Мурдагы ыкманы алып карасак, анда индекстин өсүшү нарктын төмөндөшүн чагылдырган (сомдун сатып алуу жөндөмдүүлүгүн төмөндөтүү) жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатуу менен ассоциацияланган, ал эми дүйнөлүк тажрыйбада болсо индекстин өсүшүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн начарлашы менен байланыштыруу кабыл алынган. Ушуга байланыштуу төмөндөгүлөр өзгөргөн:

1) Валюталарды котировкалоо системасы тике, мисалы, сомдун 1 АКШ доллары үчүн саны, тескерисинче, мисалы, 1 сом үчүн АКШ долларынын саны деп өзгөрдү.

2) Орточо маанини эсептөө. Бир календардык айдын ичинде колдонуп жаткан арифметикалык алмашуу курстарынын салмактанып алынган орточо мааниси салмактанып алынган орточо геометриялык алмашуу курсу менен алмашылды. Реалдуу эффективдүү курстун орточо геометриялык маанисин өзгөрүлгөн ыкмада пайдалануу убактылуу катарлардын бир кыйла текшиленген динамикасын алууга мүмкүндүк берет.

3) Тоорук салмактарын эсептөө үчүн өлкөлөрдүн куржуну. Өлкөлөрдү тандап алуу тышкы соода жүгүртүүнүн 90 пайызын камтып турат жана аларды сатуу салыштырганда артыкчылык принциптерине ылайык жүзөгө ашырыла турган товарларды камтыйт. Аларды сатуу бул принципти эсепке алуусуз жүргүзүлгөн башка товарлар (аларга алтын, жаратылыш газы, электроэнергия, товардык гранттар - мамлекет мындай товарларды келишим боюнча белгиленген баада сатат) эсептен чыгарылган. Өнөктөш өлкөлөрдүн товар жүгүртүүдөгү салыштырмалуу салмагын аныктоодо үч жылдык мезгил пайдаланылат, б.а. үч жыл ичиндеги орточо мааниси эсептелинет, бул соода агымдарына ар кандай кыска мөөнөттүү факторлордун таасирин текшилөөгө мүмкүндүк берүүчү бир кыйла компромисстик вариант болуп саналат.

Экспортту КМШ жана алыскы четөлкөлөрү боюнча бөлүштүрүү түзүмү КМШ өлкөлөрүнө экспорттун үлүшүнүн өсүп жаткандыгын чагылдырууда. Алып көрсөк, эгерде 2004-жылы КМШ өлкөлөрүнүн жалпы экспорттогу үлүшү 38,3 пайызды ээлеген болсо, 2005-жылы 45,1 пайызды түзгөн. Экспорттун алыскы четөлкөлөргө үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 61,7 жана 54,9 пайызды түзгөн. Үлүштүн төмөндөөсү экспорттун, эң оболу, алыскы четөлкөлөргө алтынды берүүнүн кыскаруусу жана КМШ өлкөлөрүнө экспорттун көлөмүнүн өсүшү менен түшүндүрүлөт.

**2.5-график. КМШ өлкөлөрүнө жана алыскы четөлкөлөргө товарлардын экспорту**

*АКШ млн. долларында*




*УСКнын маалыматтары боюнча СИФ баасында*

КМШ жана алыскы четөлкөлөрүнөн импорттук берүүлөр 2005-жылы өскөн, мында алардын үлүшү 2004-жылдагыдай деңгээлде калган жана тиешелүүлүгүнө жараша 61,7 жана 38,3 пайызды түзгөн (2.5-график).

Тышкы сооданы региондор боюнча бөлүштүрүүдө, Кыргызстандын КМШ өлкөлөрү жана Азиянын жана Европанын айрым өлкөлөрү менен терс соода балансы, ал эми оң маанидеги баланс БАЭ, Швейцария, Белгия жана Канада менен түзүлгөн.

**2.6-график. КМШ жана алыскы четөлкөлөрдөн импорт**

*АКШ млн. долларында*




*УСКнын маалыматтары боюнча СИФ баасында*

4) Эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2000-жыл кабыл алынат. Буга чейин базалык мезгил катары 1997-жыл каралган. Базалык мезгилди тандап алуу акыркы мезгилдердеги коогаландуу кырдаалга карата моделдин "сезгичтигин" аныктайт, б.а. эгерде базалык мезгилде олуттуу деле диспропорция болбосо, анда алардын келип чыгышы келечекте байкаларлык болот. Тескерисинче, эгерде базалык мезгил олуттуу түрдөгү туруксуздук менен айырмалана турган болсо, анча деле коогаландуу болбогон абал байкалбай деле калуусу мүмкүн.

Жаңы ыкмага ылайык, реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин төмөндөөсү (көбөйүүсү) кыргыз сомунун алар менен Кыргыз Республикасы соода операцияларын жүзөгө ашырган өлкөлөрдүн валюталарынын куржунуна карата сатып алуу жөндөмдүүлүгү төмөндөшү (көбөйүүсү) жөнүндө күбөлөп турат. Бул деген башка шарттарда атамекендик өндүрүүчүлөр ички жана тышкы рыноктордо кыйла (бир аз) алгылыктуу атаандаштык шарттарына ээ боло тургандыгын билдирет.

Сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун динамикасын иликтөө 2005-жылдын үчтүн айынан тартып бештин айына чейинки мезгли аралыгында сомдун эффективдүү алмашуу курсунун наркынын реалдуу түрдө төмөндөшү жыл ичинде орточо 2,4 пайыздык пунктту түзгөндүгүн көрсөтөт. Отчеттук мезгилдин акырына карата РЭАК мааниси 94,3 түзгөн. Аталган индекстин төмөндөөсү башка шарттарда, бүтүндөй бир мезгил ичинде сом 4,0 пайызга номиналдуу өскөн болсо дагы, 2005-жылы тышкы рынокто кыргыз товарларынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жакшырган. Атаандаштык шарттардын жакшыруусу, эң оболу, Кыргызстандагы инфляциянын деңгээлинен өнөктөш өлкөлөрдөгү баанын өсүш арымынын дээрлик 2 эсеге жогорулоосу менен келип шартталган.

Улуттук валютанын өзгөчө Россияда жана Казакстанда бекемделүүсү уланып жаткан абалдын алкагында КМШ өлкөлөрүндө, баанын деңгээлинин бир кыйла жогорку өсүш арымы бул эки өлкө менен соода шарттарынын жакшыруусуна алып келген. Алып көрсөк, КМШ өлкөлөрүнүн валюталарына карата РЭАК 2004-жылдын бештин айында 87,7 ден 2005-жылдын акырындагы 87,2 чейин төмөндөгөн. Ошол эле учурда алыскы четөлкөлөр менен соодада атамекендик экспортерлор артыкчылыкка ээ болгон эмес, бул КМШ өлкөлөрүнөн тышкары өлкөлөр үчүн РЭАК өсүүсүнө түрткү берүүчү кыйла туруктуу жана төмөн баалык динамикадан улам келип чыккан (2005-жылы орточо алганда 4,2 пайыз).

**2.7-таблица: Кыргыз Республикасынын тышкы соодасынын 2005-жылы географиялык бөлүштүрүлүшү**

| | Экспорт (ФОБ) | Импорт (СИФ) | Соода баланс | Соода жүгүртүү | |
|---|---|---|---|---|---|
| | *млн. АКШ доллары* | | | | *жыйынтыкка карата %* |
| **Бардыгы болуп** | **672,0** | **1 101,3** | **-429,3** | **1 773,3** | ***100*** |
| **КМШ** | **303,3** | **679,6** | **-376,3** | **982,9** | ***55*** |
| Россия | 134,4 | 378,9 | -244,5 | 513,3 | *29* |
| Казахстан | 116,1 | 174,4 | -58,3 | 290,5 | *16* |
| Өзбекстан | 17,1 | 60,1 | -43,0 | 77,2 | *4* |
| **Азия** | | | | | |
| БАЭ | 173,1 | 5,2 | 167,8 | 178,3 | *10* |
| Кытай | 26,6 | 102,9 | -76,3 | 129,5 | *7* |
| Түркия | 18,2 | 33,4 | -15,2 | 51,6 | *2,9* |
| **Европа** | | | | | |
| Швейцария | 65,3 | 4,4 | 60,9 | 69,6 | *3,9* |
| Германия | 4,1 | 37,6 | -33,5 | 41,7 | *2,4* |
| Улуу Британия | 2,3 | 4,7 | -2,4 | 7,0 | *0,4* |
| **Америка** | | | | | |
| АКШ | 3,3 | 67,2 | -64,0 | 70,5 | *4,0* |
| Канада | 22,5 | 15,0 | 7,5 | 37,5 | *2,1* |

*УСКнын маалыматтары боюнча*

2005-жылы республиканын соода жүгүртүүсүнүн кыйласы мурдагыдай эле, Россия Федерациясы менен түзүлгөн жана 513,3 млн. АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылга караганда 19,0 пайызга көп жана товар жүгүртүүнүн жалпы суммасынан 29,0 пайызды түзөт. Мында экспорт 2,4 пайызга кыскарган, импорт болсо 29,0 пайызга өскөн. Россия менен соода балансынын терс сальдосу өсүүсүн уланткан жана 2005-жылы өткөн жылдагыга караганда дээрлик 2 эсеге көбөйгөн.

**2.7-график: Россия менен соода балансы**

*млн. АКШ доллары*




*УСКнын маалыматтары боюнча*

Функционалдык түзүмдө Россияга чийики заттарынын экспорту көбөйгөн (25,2 пайызга). Калган статнялар боюнча экспорттун төмөндөөсү байкалган. Тамекини, кантты, электроэнергияны, ысытуу лампаларын берүү кыскарган. Чийки заттарынын өсүүсүн камсыз кылуучу негизги статьялар болуп пахта, айнек, авиакеросин, тигилген буюмдары, жашылчалар жана жемиштер болгон. Экспорттун функционалдык түзүмүндө ири көлөмдү 2004-жылдагыдай эле, керектөө товарлары түзгөн, алардын үлүшү 2005-жылы 45,9 пайызды түзгөн.

Россиядан импорттун товардык түзүмүндө энергопродуктыларын берүү басымдуу болгон. 2005-жылы энергопродуктыларын импорттук берүү 64,5 пайызга өскөн, демек алардын үлүшү 10,7 пайыздык пунктка өскөн жана 49,7 пайызды түзгөн. Энергопродуктылардын импортунун көлөмүнүн мындай кескин өсүүсү мунайзаттарына карата баанын жогорулоосу менен түшүндүрүлөт. Функционалдык түзүмдөгү башка статьялар боюнча бир аз өсүү байкалууда, ал эми инвестициялык товарлар боюнча берүүлөр 20,8 пайызга төмөндөгөн. Россиядан тамакаш азыктарынын, суусундуктарынын, ийне жалбырактуу жыгачтарды, медикаменттердин, чоюндун жана болоттун импорту өскөн. Машиналарды жана жабдууларды, автомобилдерди берүү кыскарган.

**Казакстан** менен дагы соода жүгүртүүнүн көлөмү олуттуу сакталып калган. Анын республиканын тышкы соода иштериндеги үлүшү 2005-жылы 16,0 пайызды түзгөн. Казакстан менен товар жүгүртүү 2005-жылы 2004-жылдын деңгээлинде сакталып калган жана 290,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында экспорт 34,0 пайызга өскөн, ал эми импорт 14,0 пайызга кыскарган.

**2.8-график. Казакстан менен соода балансы**

*АКШ млн. долларында*




*УСКнын маалыматтары боюнча*

Казакстандан импорттун кыскаруусу Казакстан тараптан мунайзаттарын алып чыгууга сезондук чектөө киргизилгендигине улам "минерал отуну" статьясы боюнча жүргөн. Соода балансынын терс сальдосу 2005-жылы 50,0 пайызга кыскарган.

Казакстанга экспорттун функциолналдык түзүмүндө мурдагыдай эле, орчундуу үлүштү керектөө товарлары ээлеген, алар 2005-жылы 46,8 пайызды түзгөн. Керектөө товарларынын экспортунун өсүш арымы өткөн жылдагыга салыштырганда 43,9 пайызды түзгөн. Ошондой эле аралык, инвестициялык товарлардын жана энергопродуктылардын өсүш арымы өскөн. Сүт азыктарын, кантты, суусундуктарды, электрэнергиясын, цементти, шифердин, айнекти жана ысытуу лампаларын берүү көбөйгөн. Чийки заттарды экспорттук берүүлөр 43,5 пайызга кыскарган.

Казакстандан товарлардын импортунун өсүүсү керектөө жана аралык товарларын, эң оболу тамакаш азыктарын, сигаретти, курулуш материалдарын, кагаз жана картондорду берүүнүн көбөйүүсү менен шартталган. Ошол эле учурда чийки заттарды жана энергопродуктыларды берүү кыскарган. Машиналардын жана транспорт жабдууларынын, чоюндун жана болоттун, органиалык эмес химия заттарынын импорту кыскарган.

**Өзбекстан** менен соодада айрым солгундоолордон кийим калыбына келе баштаган жана 2005-жылы бул өлкө менен соода жүгүртүү 16,0 пайызга жогорулаган. Мында экспорттун өсүш арымы 16,3 пайызды түзгөн, ал эми импорт -15,8 пайызды түзгөн.

**2.9-график. Өзбекстан менен соода балансы**

*АКШ млн. долларында*




*УСКнын маалыматтары боюнча*

Өзбекстанга тамакаш азыктарынын, ысытуу лампаларынын, автомобилдер үчүн запастык бөлүктөрдүн жана жабдуулардын, жеңил өнөржайы үчүн жабдуулардын экспорту көбөйгөн. Аталган өлкөгө цементтин, химиялык заттардын, автомобилдердин экспорту кыскарган.

Өзбекстандан импорт бардык функционалдык статья боюнча өскөн. Товарлардын импортундагы бир кыйла салыштырмалуу салмак энергопродуктыларга туура келген. Мында мунайзаттарын берүү өскөн, ошол эле учурда жаратылыш газынын импорту кыскарган. Мындан тышкары, жер семирткичтерин, тамакаш азыктарын, суусундуктарын берүү көбөйгөн.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Тажикстан жана Украина менен товар жүгүртүүнүн туруктуу өсүү арымын бөлүп белгилөөгө болот. **Тажикстан** менен соодада товарлардын экспортунун өсүүсү жана импортунун төмөндөөсү сакталып калууда. Тажикстан менен соода жүгүртүү 2005-жылы 5,0 пайызга көбөйгөн. Мында оң соода балансы 20,9 млн. АКШ долларына жеткен.

**2.10-график. Тажикстан менен соода балансы**

*АКШ млн. долларында*




*УСКнын маалыматтары боюнча*

Шифердин, пластмасса буюмдарынын, мунайзаттарынын экспорту өскөн. Иштетилбеген мунайдын, дөңгөлөктөрдүн импорту көбөйгөн, ошол эле учурда алюминийди, минерал заттарын жана кездемелерди импорттук берүүлөр кыскарган, бул Тажикстандан импорттун жалпы көлөмүнүн азаюусуна таасирин тийгизген.

**Украина** менен соодада экспорттон импорттун көлөмүнүн жогорулоо тенденциясы байкалган. 2005-жылы Украина менен товар жүгүртүү 67,7 пайызга өскөн, мында импорт 72,1 пайызга, экспорт - 43,2 пайызга өскөн.

Экспорттун көбөйүүсү тамекини, автомобилдердин дөңгөлөктөрүн, запастык бөлүктөрдү жана жабдууларды, даяр текстиль буюмдарын берүүнүн өсүүсү менен байланыштуу болгон. Ошол эле учурда электр ысытуу лампаларын берүү дагы кыскарган.

**2.11-график. Украина менен соода балансы**

*АКШ млн. долларында*




*УСКнын маалыматтары боюнча*

Импорттун көлөмүнүн 2005-жылдагы өсүүсүн камсыз кылуучу негизги товарлар болуп кондитер азыктары, электр аккумуляторлору, кара металлдардын прокаты, машина жана жубдуулар саналган.

Алыскы четөлкөлөрдүн ичинен негизги өнөктөш өлкөлөр болуп 2005-жылы Бириккен Араб Эмираттары (БАЭ) жана Кытай болгон, алар менен соода операцияларынын салыштырмалуу салмагы товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмүндө 2005-жылы тиешелүүлүгүнө жараша 10,1 жана 7,3 пайызды түзгөн.

БАЭге экспорттук берүүлөрдө алтындын үлүшү 96,0 пайызды түзгөндүктөн, баалуу металлдын экспортунун төмөндөөсү экспорттун 8,6 пайызга кыскаруусун шарттаган. Импорт дагы 31,0 пайызга кыскарган. БАЭнан импорттун товардык түзүмү, эң башкысы, эсептөө жана телекоммуникациялык жабдуулар, лактар жана боек-сырлар, сигареттер түрүндө берилген.

**Кытай** менен соодада импорттун озгон арымда өнүгүүсү байкалууда, ошол эле учурда экспорт кесин өзгөрүүгө дуушар болгон. 2005-жылы Кытай менен соода жүгүртүү 8,5 пайызга көбөйгөн. Мында экспорттун 32,4 пайызга төмөндөөсү белгиленген, импорт 28,5 пайызга өскөн.

Экспорттун кыскаруусу, эң башкысы, чийки заттарды берүүнүн төмөндөөсүүнүн эсебинен жүргөн. Ошол эле учурда аралык, инвестициялык товарлардын жана энергопродуктылардын экспорту өскөн.

**2.12-график. Кытай менен соода балансы**

*АКШ млн. долларында*




*УСКнын маалыматтары боюнча*

Кытайдан импорттун өсүүсү аларды берүү 2004-жылдагы деңгээлде сакталган энергопродуктыларынан тышкары, функционалдык түзүмдүн бардык статнясы боюнча жүргөн. Тамакаш азыктарынын ичинен өзгөчө олуттуу көбөйүү күрүчтүн импорту боюнча белгиленген. Машиналарды жана жабдууларды, керамика плиткаларын импорттук берүү өскөн. Ошол эле учурда кийимдерди, бут кийимдерди, кездемелерди, пластмасса буюмдары, суусундуктарды берүү төмөндөгөн.

**Түркия** менен сооданын салыштырмалуу салмагы 2005-жылы жалпы товар жүгүртүүдөн 2,9 пайызды түзгөн. Мында экспорт 7,0 пайызга, импорт - 0,6 пайызга өскөн.

**2.13-график. Түркия менен соода балансы**

*млн. АКШ доллары*




*УСКнын маалыматтары боюнча*

Түркияга экспорттун функционалдык түзүмүндө чийки заттардын, инвестициялык товарлардын жана энергопродуктылардын экспортунун бир аз өсүшү байкалган. Керектөө товарларын берүү кыскарган, аралык товарларынын экспорту мурдагы деңгээлде сакталып калган. Түркияга экспорттун өсүүсүнө таасир этүүчү товарлардын ичинде койдун жана ири мүйүздүү малдардын терилери, пахта, авиакеросин белгиленген.

Түркиядан товарлардын импорту тамакаш азыктарын, жуучу заттардын, пласстмассаны, химиялык заттарды берүүнүн өсүшүнүн эсебинен өскөн. Ошол эле учурда металлдан буюмдарды, пол беттөөчү материалдарды, кагаз жана картондорду, эмеректерди, кийим-кечелерди берүү кыскарган.

Германия жана АКШ менен товар жүгүртүү орчундуу көлөмгө ээ болгон, бирок бул өлкөлөр менен соода бүтүндөй алганда, импорттун басымдуулук кылуусу менен бир тараптуу мүнөздүү, ал айрым жылдары экспорттон дээрлик арткан.

**АКШ** менен соода балансы 30,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө адаттагыдай эле түрдө терс түзүлгөн. Экспорт бир аз өскөн жана 3,3 млн. АКШ долларын түзгөн, ошол эле учурда импорт 50,7 пайызга көбөйгөн жана 67,2 млн. АКШ долларын түзгөн. АКШга негизги экспорттук статья болуп бункердик отун саналат, аны берүү республикабыздын аймагында жайгашкан аскер базасынын керектөөсүнүн өсүүсү менен көбөйгөн. АКШга экспорт, кресинди эске албаганда, кийим-кечени жана химия азыктарын камтыйт.

АКШдан импорт эт, жана эт азыктары, медикаменттер, машиналар жана жабдуулар сыяктуу товарлардын түрлөрү боюнча көбөйгөн. Адаттагыдай эле, АКШдан импорт кайтарымсыз негизде берилүүдө, отчеттук жылы товардык гранттардын үлүшү АКШдан товарлардын бардык импортунан 56,8 пайызды түзгөн. Товардык гранттарды берүү өткөн жылдагыга салыштырганда 23,2 пайызга өскөн.

2002-жылга чейин Германия кыргыз алтынын негизги керектөөчү болгон жана экспорт 148,0 млн. АКШ долларына чейин жетип турган. Бирок, алтынды бул өлкөгө берүүнүн токтотулушу менен экспорт кескин кыскарган. 2005-жылы Германия менен товар жүгүртүүнүн салыштырмалуу салмагы 2,4 пайызды түзгөн. Мында экспорт 32,2 пайызга өскөн жана 4,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Тамекини, органикалык эмес химиялык заттарды экспорттук берүү өскөн. Германиядан импорт автомобилдерди, жабдууларды, медикаменттерди берүүнүн төмөндөөсүнүн эсебинен 28,5 пайызга кыскарган.

## ЭЛАРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БАЛАНСЫ

Эларалык кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 2005-жылы 563,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2004-жылдын ушундай эле көрсөткүчүнөн 27,1 пайызга артат. Эларалык кызматкөрсөтүүлөрдүн терс салңдосу 30,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түзүлгөн, бул импорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн (32,9 пайызга) экспорттун (27,0 пайыз) арымынан озгон өсүш арымы менен шартталган.

**2:14 график. Эларалык кызмат көрсөтүүлөр рыногу**

*ИДПга карата пайыздарда*




Кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту 2004-жылдагы 209,8 млн. АКШ долларына караганда 266,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Көбөйүү, экспорттун дээрлик бардык статьялары боюнча байкалган, мында көрсөтүлгөн кызматтардын түзүмү олуттуу деле өзгөргөн эмес. Мурдагыдай эле, экспорттун ири статьяларынан болуп "кыдыруулар" жана "транспорттук кызмат көрсөтүүлөр" саналат, алар чогуу алганда кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунан 54,2 пайызын түзөт.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн "кыдыруулар" статьясы боюнча экспортунун көлөмү 83,8 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2004-жылдагыга караганда 8,2 млн. АКШ долларына көп. Бул КМШ өлкөлөрүнүн биздин республикага ишкердик жана жеке максаттар менен келген жарандарына көрсөтүлгөн кызматтарынын 11,1 млн. АКШ долларына же 23,5 пайызга өсүүсү менен байланыштуу болгон. Алыскы четөлкөлөрдүн атуулдарына кызмат көрсөтүүлөр 10,0 пайызга аз көрсөтүлгөн.

Отчеттук мезгилде резидент эместерге көрсөтүлгөн транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүү тенденциясы сакталган. Транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 2004-жылдагыга салыштырганда 19,3 пайызга көбөйүү менен 60,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Мунайзаттарына баанын көтөрүлүшү автомобил транспортторунун кызмат көрсөтүүлөрүнүн экспортунун 1,5 эсеге же 2,2 млн. АКШ долларына кыскаруусуна жана темиржол жүк ташу-

уларынын экспортунун 1,5 эсеге же 5,9 млн. АКШ долларына көбөйүүсүнө алып келген. Абажол транспорттору аркылуу 36,5 млн. АКШ доллары суммасында жүкташуулар жүзөгө ашырылган, бул базалык мезгилдегиге караганда 11,8 пайызга көп.

2005-жылы курулуш кызмат көрсөтүүлөрүнүн экспортунун 2,3 эсеге же 10,6 млн. АКШ долларына өсүүсү катталган. Курулуштун күч алышы, кыймылсыз мүлктөргө баанын жогорулашы резидент эместер тарабынан көрсөтүлүүчү салыштырганда кымбат эмес курулуш кызмат көрсөтүүлөрүнө суроо-талаптын өсүүсүнө түртկү болгон.

Банктардын финансылык ортомчу катары активдешүүсүнүн жана бүтүндөй банк тутумуна карата калктын ишеним көрсөтүүсүнүн акырындап калыбына келүүсүнүн натыйжасында, финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту 96,0 пайызга өскөн жана 3,8 млн. АКШ долларын түзгөн.

Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү жана кызмат көрсөтүүлөрдүн башка түрлөрү боюнча тиешелүүлүгүнө жараша, 19,1 жана 22,4 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган, ошол эле учурда ишкердик кызмат көрсөтүүлөрүнүн экспорту 80,8 пайызга көбөйгөн. Мунун негизги себеби болуп резидент эместер тарабынан консультациялык кызмат көрсөтүүлөргө, жарнама жана рынокту иликтөөгө алган кызмат көрсөтүүлөргө жана башка кызмат көрсөтүүлөргө карата суроо-талаптын көбөйүүсү саналат.

2005-жылы кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту 2004-жылдагыга салышытырганда 32,9 пайызга көбөйүү менен 305,8 млн. АКШ долларына жеткен. Импорттун өсүүсүнө транспорттук, ишкердик жана башка кызмат көрсөтүүлөр сыяктуу статьялар боюнча олуттуу таасир эткен.

"Кыдыруулар" статьясы боюнча КМШ өлкөлөрүндөгү биздин резиденттерге карата көрсөтүлгөн кызматтардын 78,6 пайызга көбөйүүсү жана алыскы четөлкөлөрдөгүлөргө карата 16,0 пайызга төмөндөөсүнүн эсебинен 27,4 пайызга көбөйүү байкалган.

Транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун көлөмү 125,5 млн. АКШ долларын түзгөн жана өткөн жылдагыга салыштырганда 41,5 пайызга же 36,8 млн. АКШ доларына өскөн, бул товарлардын импортунун көлөмүнүн көбөйүүсү менен байланыштуу болгон. Импорттун өсүүсү жаратылыш газын транспортировкалоо үчүн төлөм акылары өзара эсептешүүлөр менен жүргүзүгөндүктөн анын импорту нарктык мааниде 46,3 пайызга кыскарган куурлардан (трубапровод) тышкары, транспорттук ташып жеткирүүлөрдүн бардык түрлөрү боюнча байкалган.

Өкмөттүк, маалыматтык байланышкызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун 44,1 пайызга кыскаруусу импорттун жалпы көлөмүндө алгылыксыз чагылдырылган. Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту резидент эмес финансы институттары тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардан резиденттердин пайдалануучуларынын азаюусунан улам 2,9 эсеге кыскарган жана 4,4 млн. АКШ долларын түзгөн.

2005-жылы кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун өсүшү белгилүү деңгээлде ишкердик жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн кескин жогорулоосу менен түшүндүрүлөт, жалпы көлөмдөгү алардын үлүшүнө тиешелүүлүгүнө жараша 10,6 жана 7,7 пайыз туура келген. Ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту жарнамалык, консультациялык жана башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөргө карата суроо-талаптын өсүүсүнө байланыштуу 15,8 млн. АКШ долларына же 100,2 пайызга өскөн. Жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту билим берүү, медициналык жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун өсүшүнүн эсебинен 14,7 млн. АКШ долларына же 3,3 эсеге көбөйгөн.

## КИРЕШЕЛЕР БАЛАНСЫ

2005-жылы Кыргыз Республикасынын кирешелер **балансынын** терс сальдосу 2004-жылдагы 99,6 млн. АКШ долларына караганда 80,9 млн. АКШ долларына чейин төмөндөгөн. Кирешелер балансынын тартыштыгынын өлчөмү ИДПга карата 3,3 пайызды түзгөн.

Кирешелер балансынын терс сальдосунун төмөндөөсүнө бир кыйла таасирди тике инвестициялар боюнча кирешенин 40,8 пайызга кыскаруусу, тактап айтканда, "Реинвестицияланган кирешелер" статьясы боюнча төлөмдөр жана коммерциялык банктардын негизинен четөлкө баалуу кагаздары менен операцияларынан портфелдик инвестициялар боюнча кирешелери таасир эткен.

**2.15-график. Кирешелер балансы**

*млн. АКШ доллары*



Башка инвестициялар боюнча төлөмдөргө карата кирешелер, тескерисинче 3,4 пайызга көбөйгөн жана 2004-жылдагы 28,4 млн. АКШ долларындагыга караганда 29,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул статья боюнча тартыштыктын өсүү себебинен болуп, коммерциялык банктардын кредиттери, депозиттери жана корреспонденттик эсептери, Кыргыз Республикасынын резиденттеринин четөлкө банктарындагы эсептери боюнча алынган пайыздардын өткөн жылдын ушундай көрсөткүчүнө салыштырганда 11,4 пайызга төмөндөөсү саналат.

Мурдагы жылдардагыдай эле, "Эмгекке төлөөлөр" статьясы боюнча баланс 17,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү терс сальдо менен түзүлгөн, бул 2004-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөн 27,5 пайызга жогору.

## КҮНДӨЛҮК ТРАНСФЕРТТЕР БАЛАНСЫ

2005-жылы күндөлүк трансферттер балансы 2004-жылдагыга салыштырганда олуттуу түрдө (59,6 пайызга) көбөйүү менен 332,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү оң сальдо менен түзүлгөн. Күндөлүк трансферттердин өсүшү жеке трансферттердин агылып келүүсүнүн көбөйүүсүнүн эсебинен камсыз болгон, ошол эле учурда расмий трансферттердин келип түшүүсү мурдагы эле деңгээлде калган.

2005-жыл ичинде республикага келип түшкөн расмий трансферттердин таза азгылып кирүүсү 23,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2004-жылдагыга караганда 2,8 пайызга аз. Расмий трансферттердин агылып келүүсү негизинен гуманитардык жардамдар (14,7 млн. АКШ доллар) жана акча гранттары (10 млн. АКШ доллары) түрүндө болгон.

Мурдагыдай эле, эмгек мигранттарынын жеке которуулары четөлкөдөн трансферттердин келип түшүүсүнүн негизги булагы болуп саналат. Алардын күндөлүк трансферттердин жалпы көлөмүндөгү үлүшү 93,0 пайызды түзгөн. 2005-жылы жеке трансферттердин агылып келүүсү 345,3 млн. АКШ долларына жеткен, бул 2004-жылдагыга караганда 72,2 пайызга жогору. Которуулардын жаңы системасынын пайда болуусу жана ал боюнча комиссиялык төлөмдөрдүн төмөндөөсү эмгек мигранттарынын коммерциялык банктар аркылуу акча которууларынын көбөйүүсүнө түрткү берген. Четөлкө валюталарынын коммерциялык банктар аркылуу таза агылып келүүсү 313,3 млн. АКШ долларына жеткен, бул 2004-жылдагыга салыштырганда 74,9 пайызга көбөйгөн. Ошондой эле Кыргызстандын чегинен тышкары жактардан акча каражаттарынын которуулар түрүндөгү агылып келүүсү көбөйгөн (2,1 пайыз). Негизинен бул которуулар четөлкөдө жашап же окуп жатышкан туугандарына багытталган.

## 3. КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин терс сальдосу (төлөм тендеминин аналитикалык берилишинде) 2005-жылдын жыйынтыгы боюнча 2004-жылдагы анын 103,3 млн. АКШ доллары көлөмүндөгү оң балансына караганда 70,6 млн. АКШ долларын түзгөн.

**3.1-график: Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби**

*ИДПга карата пайыздарда*




### КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

**Капитал менен операциялар эсебинин** терс сальдосу 2004-жылдагыга салыштырганда 3,0 пайызга көбөйгөн жана отчеттук мезгилде 20,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

Капитал менен операциялардын эсебинин терс сальдосунун башкы себеби болуп мигранттардын капиталдык трансферттеринин олуттуу агылып чыгуусу саналган. Миграциялык процесстердин күчөшү жана мигранттардын активдеринин алынып чыгышы менен шартталган трансферттердин таза агылып чыгышы 63,5 млн. АКШ долларын түзгөн жана өткөн жылдын ушундай мезгилиндеги көрсөткүчтөн 45,0 пайызга артат.

Товардык гранттарды берүү 2,6 пайызга көбөйгөн жана 2005-жылы 3,9 млн. АКШ долларын түзгөн. "Техникалык жардам" статьясы 2004-жылдагыдай эле 20 млн. АКШ долларында бааланган жана ал консультациялык жана изилдөө кызмат көрсөтүүлөрү түрүндө берилген.

### ФИНАНСЫЛЫК ЭСЕП

2005-жылы финансылык эсеп анын бир жыл мурдагы оң сальдосуна (123,2 млн. АКШ доллары) караганда 50,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдо менен түзүлгөн, бул тике жана башка инвестициялар боюнча финансылык каражаттардын таза агылып чыгуусунун көбөйүүсүнүн натыйжасында болгон.

2005-жылдын жыйынтыгы боюнча **тике инвестициялардын** таза агылып кирүүсү 3,1 пайызга кыскарган жана 42,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Аталган позициянын түзүмү көзкарашынан алып караганда, анын начарлагандыгын белгилөөгө болот. Бул республика үчүн бир кыйла пайда алып келген ишканалардын акционердик капиталдарынын олуттуу түрдө төмөндөөсү менен байланыштуу, муну менен эрежеге ылайык, резидент эместердин алдындагы карыздык милдеттенмелердин келип чыгуу ыктымалдыгынын жок экендиги байланыштуу. Ишканалардын акционердик капиталдарына таза тике инвестициялар 9,2 эсеге азайган жана 16,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Аталган статьянын жогору болгон маанисинин 2004-жылы жогору болушу акциялардын кыргызстанга тиешелүү болгон үлүшүнүн сатып өткөрүлүшү, демек, 2004-жылы тике четөлкө инвестицияларынын ири көлөмдө агылып келиши менен түшүндүрүлөт.

Республиканын экономикасына реинвестицияланган кирешелердин өлчөмү 36,0 пайызга төмөндөгөн жана 30,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Анда эң башкысы, туунду ишканаларга тике инвесторлордун кредиттери чагылдырылган "Жана башка капитал" статья боюнча тике инвестициялар 4,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү терс сальдо менен түзүлгөн, бул карыздык милдеттенмелер боюнча төлөмдөрдүн утурлама капиталдын келип түшүүсүнөн артышы менен келип чыккан.

Тике четөлкө инвестицияларынын түзүмүн иликтөө капиталдын агылып келүүсүнүн көпчүлүк бөлүгүнүн финансы ишкердиги, өнөржайы, телекоммуникация жана соода сыяктуу тармактарга келип түшкөндүгүн көрсөткөн.

Тике четөлкө инвестицияларын географиялык бөлүштүрүү КМШ өлкөлөрүнөн инвестициялардын таза агылып келүүсүнүн өткөн жылдагыга салыштырганда 1,7 эсеге көбөйүүсү менен мүнөздөлгөн. Негизинен, тике четөлкө инвестициялар Улуу Британиядан, Казакстандан, Израилден, Кипрден, Кытайдан жана башка өлкөлөрдөн келип түшкөн.

**Портфелдик инвестициялардын** таза агылып чыгуусунун 2004-жылдагы 2,5 млн. АКШ долларына караганда 4,4 млн. АКШ долларына чейин көбөйгөндүгү белгиленген. Мында резиденттердин тышкы активдеринин 1,7 эсеге көбөйүүсү белгиленген, бул негизинен кыргыз коммерциялык банктарынын четөлкө баалуу кагаздары менен операцияларына байланыштуу.

Жана **башка инвестициялар** балансы 88,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү терс сальдодо түптөлгөн (2004-жылы 15,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү оң баланс), бул Кыргыз Республикасынын резиденттеринин тышкы милдеттенмелеринин бир учурда төмөндөөсүндө четөлкөлөрдө каражаттарды четөлкө активдеринде жайгаштырыуунун олуттуу көбөйүүсүнүн натыйжасында түзүлгөн.

2005-жылы тышкы активдер 1,7 эсеге көбөйгөн жана 61,2 млн. АКШ долларын түзгөн. "Дебитордук карыз" жана "ишканалардын четөлкөлөрдөгү эсеби" сыяктуу классификацияланууучу тышкы активдер тиешелүүлүгүнө жараша 49,4 жана 6,3 млн. АКШ доллары маанисине чейин көбөйгөн, ал эми 2004-жылы бул статьялар тиешелүүлүгүнө жараша, 8,4 жана 9,5 млн. АКШ долларына чейин төмөндөгөн. Бул суммардык четөлкө активдеринин терс сальдосунун түзүлүүсүнө олуттуу таасирин тийгизген. Ошол эле учурда коммерциялык банктардын тышкы активдери 2,6 эсеге төмөндөгөн жана 24,5 млн. АКШ долларын түзгөн, мында негизги салымды нак акчалар менен операциялар жана коммерциялык банктардын депозиттери түзгөн.

2005-жылы чогуу алгандагы тышкы милдеттенмелердин төмөндөшү алардын 2004-жылдагы 51,2 млн. АКШ долларына чейин көбөйүүсүнө караганда 27,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында, азаюу четөлкө милдеттенмелери түзүмүндөгү көпчүлүк статьялар боюнча белгиленген. Мындай кыскаруу олуттуу деңгээлде коммерциялык банктардын тышкы милдеттенмелеринин азаюусу менен байланыштуу. Коммерциялык банктардын милдеттенмелери боюнча 65,5 млн. АКШ долларын түзгөн таза агылып чыгуусу белгиленген, 2004-жылы 33,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү нетто-агылып келүү катталган. Мында негизги ролду 60,9 млн. АКШ долларын түзгөн нак акчалардын жана депозиттердин азайышы ойногон. Ошондой эле, чогуу алгандагы четөлкө милдеттенмелеринин азаюусу республикага карыздык каражаттардын агылып келүүсүнүн төмөндөөсү менен шартталган. Алып көрсөк, мамлекеттик секторго 66,0 млн. АКШ доллары, ал эми жеке секторго - 10,7 млн. АКШ доллары суммасында кредит келип түшкөн. Ал боюнча тышкы милдеттенмелердин көбөйгөндүгү белгиленген бирден-бир статья болуп кредитордук карыз саналат, резидент ишканаларынын тышкы экономикалык ишетиринин натыйжасында аталган көрсөткүч 24,1 млн. АКШ долларын түзгөн, 2004-жылы аталган карыздын 21,2 млн. АКШ долларына азайгандыгы белгиленген.

2005-жылы төлөм теңдеминин **"каталар жана калтырып кетүүлөр"** статьясы 298,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түзүлгөн, бул республикага капиталдын агылып келүүсү менен байланыштуу операцияларды толук эмес статистикалык эсепке алынгандыгы жөнүндө айгинелеп турат. Учурда Улуттук банк эларалык операциялар боюнча маалыматтардн толук эсепке алынбай калуу себептерин иликтөө жана бүтүндөй төлөм теңдеминин статистикасын жакшыртуу боюнча иштерди жүргүзүүдө.

Ошентип, 2005-жылдын жыйынтыгы боюнча **Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми** 29,1 млн. АКШ доллары көлөмүндөгү оң сальдодо түптөлгөн.

## ЭЛАРАЛЫК КАМДАР

2005-жылы эларалык камдардын көлөмү 8,3 пайызга көбөйгөн жана отчеттук мезгилдин акырына карата 612,4 млн. АКШ долларын[1] түзгөн, мында Улуттук банктын камдык активдери товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун 4,2 айынын жабылышын камсыз кылган.

**3.2-график: Эларалык камдар**




[1] ЭВФ камдык позицияны камтуу менен.

## 4. КЫРГЫЗ РСЕПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ КАРЫЗЫ

### ТЫШКЫ КАРЫЗДЫН 2005-ЖЫЛДЫН АКЫРЫНА КАРАТА ТҮЗҮМҮ

Тышкы карыздын жалпы алынган номиналдуу көлөмү (алынган жана төлөнбөгөн) 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата 2001,4 млн. АКШ долларын түзгөн, алардын ичинен:

· мамлекеттик тышкы карыз - 1860, 2 млн. АКШ доллары, анын ичинде МВФтин кредиттери боюнча карыз -177,9 млн. АКШ долларын түзгөн.

· жеке сектордун карызы - 141,2 млн. АКШ доллары;

Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын түзүмү расмий кредиторлордун алдындагы - көп тараптуу жана эки тараптуу донорлордун алдындагы милдеттенмелери катарында түзүлгөн, алардын үлүшүнө тиешелүүлүгүнө жараша 64,2 жана 28,6 пайыз туура келген. Мамлекет тарабынан кепилдик берилбеген жана мамлекеттик тышкы карызга камтылбай турган жеке сектордун кредиттери 7,1 пайызды түзгөн, ошол эле учурда мамлекет тарабынан кепилдик берилген жеке карыздын тышкы карыздын жалпы көлөмүндөгү салыштырмалуу салмагы 0,2 пайызды түзгөн. Карыз алышуу булактары боюнча карыздын түзүмү 4.1-графикте келтирилген.

**4.1-график: Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын каржылоо булагынын 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата абал боюнча**

*(пайыздар)*




### МАМЛЕКЕТТИК ТЫШКЫ КАРЫЗ

Кыргыз Республикасынын көп тараптуу карызы болуп Дүйнөлүк банк сыяктуу эларалык финансылык институттар саналат, анын үлүшү 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата тышкы карыздын бардык суммасынын 28,1 пайызын, ошондой эле Азия Өнүгүү Банкы (23,3 пайыз), Эларалык Валюта Фонду (8,9 пайыз), ЕБРР саналып, алардын үлүшүнө 2,5 пайыз туура келген. Көп тараптуу кредиторлордун кредиттери (4.2-график) экономиканы структуралык жактан кайра өзгөртүп түзүүү, айылчарбасын, социалдык коргоону, транспорту жана коммуникацияны өнүктүрүү программаларын жана инфраструктураны реабилитациялоо программаларын, жардамдарды көрсөтүү жана финансы системасын өнүктүрүү, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү программаларын жүзөгө ашырууга багытталган

**4.2-график: Кыргыз Республикасынын көп тараптуу тышкы карызы 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата абал боюнча**

*(пайыздар)*




Кыргыз Республикасынын негизги эки тараптуу кредиторлору болуп Япония (милдеттенмелердин бардык суммасынан 11,3 пайыз) жана Россия (9,3 пайыз) саналат. Республиканын эки тараптуу карызы негизинен, КМШ өлкөлөрүнүн техникалык кредиттерин мамлекеттик кредиттерге кайра тариздөөнүн, ошондой эле Германия, Түркия, Пакистан, Индия сыяктуу ж.б. өлкөлөрдүн экономиканын ар кайсы секторун каржылоонун эсебинен түзүлгөн.

**4.3-график: Кыргыз Республикасынын эки тараптуу тышкы карызы 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата абал боюнча**

*(пайыздар)*




Эки тараптуу кредиторлордун алдындагы карыз 574,8 млн. АКШ долларын түзгөн, алардын ичинде:

· Париж клубунун мүчөлөрү - 460,4 млн. АКШ доллары;

· Париж клубунун мүчөлөрү болбогондор - 114,3 млн. АКШ доллары.

Карыздын түзүмүн финансылык шарттар боюнча талдап чыгуунун негизинде республиканын карызы негизинен жеңилдик камтылган финансылык ресурстардан тургандыгын белгилеп кетүүгө болот[1].

2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата жеңилдик камтылбаган карыздын үлүшү 2002-жылдын 25,4 пайыздан 19,7 пайызга төмөндөгөн, демек, жеңилдик камтылган займдардын салыштырмалуу салмагы бардык тышкы карыздын жалпы көлөмүндө 80,3 пайызга жеткен (4.4-график).

**4.4-график: Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата түзүмү**

*(пайыздар)*




МАР, АӨБ, ЭВФ жана Япония сыяктуу расмий кредиторлордун карыздары пайыздык чендери төмөн жана төлөө мөөнөтү узак болгон жеңилдик камтылган мүнөзгө ээ.

ЕБРР, Россия, Өзбекстан, Кытай жеңилдик каралбаган карыздарды берүүчү негизги кредиторлор болуп саналат.

## ЖЕКЕ ТЫШКЫ КАРЫЗ

Мамлекеттик эмес тышкы карыз 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата 2004-жылдагы 150,9 млн. АКШ долларына караганда 141, 2 млн. АКШ долларын түзгөн. Алардын ичинен, тоокен казып алуу тармагы ишканалары жана башка ишканалар боюнча алып караганда тиешелүүлүгүнө жараша 20,0 млн. АКШ жана 121,2 млн.АКШ долларын түзгөн. 2004-жылы ушул көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 43,1 млн. АКШ доллары жана 107,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түзүлгөн.

**4.5-график: Жеке тышкы карыздын түзүмү**

*(пайыздар)*




Өкмөттүн кепилдигисиз тартылган инвестициялык келип түшүүлөр 2005-жылдын ичинде 40,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Алардын ичинде Кыргыз Республикасынын банк тутумуна инвестициялар 10,1 млн. АКШ долларын түзгөн, бул дүнүнөн келип түшкөн жалпы көлөмдүн 24,8 пайызын түзөт. Кыргыз Республикасынын банк тутуму боюнча карыз иликтөөгө алынып жаткан жылы 12,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түзүлгөн, бул кепилдик берилбеген тышкы жеке карыздын дүңүнөн алынган көлөмүнүн 9,1 пайызын түзөт (алынган жана төлөнбөгөн).

Жеке сектордун тышкы карызын тейлөө боюнча төлөмдөр отчеттук 2005-жылдын ичинде 59,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

Азыркы учурда жеке сектор дүйнөнүн 23 өлкөсүнөн кредит алат, алардын ичинен ири кредитор өлкөлөр болуп Канада, Улуу Британия, АКШ, Италия саналат.

[1] займда жеңилдик каралышы грант-элементтин негизинде аныкталат, ал 45,0 пайыздан кемди түзүүгө тийиш жана кредитти берүүнүн мөөнөтүнөн жана колдонулуучу пайыздык ченден көзкаранды.

**4.6-график: Кредиторлор боюнча жеке тышкы карыз**

*(пайыздар)*




**4.8-график: Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын коэффициенттери**

*(пайыздар)*




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ КАРЫЗЫНЫН 2000-ЖЫЛДАН ТАРТЫП ӨЗГӨРҮҮ ДИНАМИКАСЫ

Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын 2000-жылдан тартып 2005-жылга чейинки мезгил аралыгында өзгөрүү динамикасы 4.7-графикте көрсөтүлгөн.

**4.7-график. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын 2000-2005-жылдар ичиндеги өсүш арымы**

*(пайыздар)*




Кыргызстан кирешеси төмөн жана тыштан алган карызы чоң көлөмдү түзгөн өлкөлөрдүн катарына киргендиктен карызынын туруктуу эместиги менен мүнөздөлөт.

Дүйнөлүк тажрыйбада карыздын туруктуулук деңгээлин аныктоо үчүн бир кыйла олуттуу макроэкономикалык параметрлер менен карыздын өлчөмүн салыштыра турган жана тышкы мамлекеттик карызды тейлөө үчүн валюталык каражаттарды генерирлөөдө мамлекеттин жөндөмдүүлүгүн аныктоочу коэффициенттер пайдаланылат.

2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата абал боюнча алып көрсөк, Кыргыз Республикасын төмөндөгүдөй негизги көрсөткүчтөр мүнөздөгөн:

· номиналдуу тышкы карыз/ ИДП -82,0 пайыз

· номиналдуу тышкы карыз/ товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту -210,0 пайыз.

· номиналдуу мамлекеттик тышкы карыз/ИДП - 76,2 пайыз.

· номиналдуу МТК/ товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту -195,2 пайыз.

Басылманын 4.8-графигинде 2000-жылдан тартып 2005-жылга чейинки мезгил аралыгында карыздык көрсөткүчтөрдүн төмөндөө багыты көрсөтүлгөн. Бул Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын республиканын мамлекеттин тышкы карызын тейлөө жүгүн жеңилдетүү жана эларалык финансы институттарын колдоо боюнча биргелешкен аракеттеринин үзүрү десек болот.

2002-2005-жылдагы кредиторлордун Париж клубу менен жетишилген келишимдер Кыргызстанга орто мөөнөттүү мезгил ичинде ликвиддүүлүк көйгөйүн чечүүгө мүмкүндүк берди.

2002-жылдын жалган куран айында Кыргыз Республикасы кредиторлордун Париж клубу менен сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында 2001-жылдын бештин айынын алтысынан тартып 2004-жылдын бештин айынын бешине чейинки мезгил аралыгында (консолидация мезгили) тышкы карызды тейлөө боюнча төлөмдөрдүн мөөнөтүн узартуу жана эки тараптуу карыздарды мыкты делген Хьюстон шарттарында реструктуризациялоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Париж клубунун чегинде реструктуризациялоо 2002-жылы эки тараптуу кредиторлордун алдында төмөндөгү шарттар боюнча жүзөгө ашырылган: өнүктүрүүгө расмий жардам шарттарында берилген кредиттер боюнча (ОПР)[2], төлөө мөөнөтү 10 жылдык жеңилдик каралган мезгил аралыгы жана тиешелүү жеңилдик каралган пайыздык чен менен 20 жылдын ичинде; ОПР шарттарынын тышкары шарттарда берилген кредиттер боюнча, төлөө мөөнөтү 5 жылдык жеңилдик каралган мезгил аралыгы жана тиешелүү рыноктук пайыздык чен менен 20 жылдын ичинде; консолидациялануучу суммага карата мораторийленүүчү пайыздар 50 пайыз өлчөмүндө - биринчи жылы , 60 пайыз - экинчи жылы жана 70 пайыз - үчүнчү жылы капиталдаштырылат.

[2] өнүктүрүүгө расмий жардамдын чегиндеги займдар экономикалык өнүгүүгө жана бакубат жашоого көмөк көрсөтүү үчүн берилет.

2005-жылдын жалган куран айында кредиторлордун Париж клубу менен сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Кыргыз Республикасы тышкы карызды тейлөө боюнча төлөмдөрдүн мөөнөтүн узартуу жана эки тараптуу карыздарды Эвиан ыкмасын колдонуунун негизинде реструктуризациялоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Кредиторлордун Париж клубунун 2005-жылдагы Протоколуна ылайык, реструктуризация төмөндөгү шарттар боюнча жүзөгө ашырылат: коммерциялык кредиттер 50 пайыз өлчөмүндө алып салууга таандык болот, калган 50 пайыз рыноктук пайыздык чен боюнча жеңилдик каралган 7 жылдык мөөнөт менен 23-жыл ичинде төлөнүп берилет. ОПР катары берилген кредиттер аталган кредитке карата ылайыктуу болгон жеңилдик камтылган ченден жогору болбогон пайыздык чен боюнча жеңилдик каралган 13 жылдык мөөнөт менен 40-жыл ичинде төлөнүп берилет. Мораторийленүүчү пайыздар төмөндөгүдөй капиталдаштырылат: 2005-жылы 85 пайызга,2006-жылы 75 пайызга, 2007-жылы 70 пайызга жана 2008-жылы 65 пайызга жана 7 жылдык жеңилдик каралган мөөнөт менен 23 жыл ичинде төлөнүп берилет.

Аталган Протоколго ылайык ыктыярдуу жана эки тараптуу негизде, ар бир кредитор карызды курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча программага, өнүктүрүүгө жардам көрсөтүү программасына, акцияларга алмаштыруу боюнча СВОП операцияларын же жергиликтүү валютадагы СВОП операцияларын жүзөгө ашыра алат.

2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата абал боюнча Париж клубуна мүчө болгон өлкөлөр - Германия, Франция, Дания, Россия жана Япония менен карыздарды реструктуризациялоо жөнүндө сүйлөшүүлөр аяктады жана өкмөттөр аралык келишимдерге жана алмашуу ноталарына кол коюлду.

Париж клубуна мүчө болбогон Түркия менен 2006-жылдын жалган куран айынын тогузунда карыздарды реструктуризациялоо жөнүндө өкмөттөр аралык келишимге кол коюлган.

Биздин өлкөнүн Өзбекстан, Пакистан, Корея, Индия, Кувейт жана Кытай сыяктуу калган кредитор өлкөлөр менен сүйлөшүүлөрү аягына чыга элек.

Эки тараптуу тышкы карыздарды реструктуризациялоонун натыйжасында 2002-жана 2005-жылдары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин тышкы карыздарды тейлөөгө чыгашалары бул мезгил аралыгында 156,1 млн. АКШ долларына кыскарган (4.1-таблица).

**4.1-таблица. Мамлекеттик тышкы карызды 2002-2005-жылдар ичинде реструктуризациялоонун эффекти**

*(АКШ млн. доллары)*

| | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 | Бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|
| МТКны тейлөөнүн алгачкы графиги (мамбюджеттин чыгашалар) | 39,9 | 52,7 | 52,9 | 69,8 | **215,3** |
| Реструктуризациялоодон кийин МТКны тейлөө графиги (мамбюджеттин чыгашалары) | 11,1 | 11,2 | 18,4 | 18,5 | **59,2** |
| Реструктуризациялоо эффекти | 28,8 | 41,5 | 34,5 | 51,3 | **156,1** |

Мамлекеттик тышкы карызды тейлөөгө чыгашалардын республиканын бюджетинин кирешелеринин жалпы суммасындагы үлүшү олуттуу көрсөткүч болуп саналат. Кыргызстан үчүн бул көрсөткүч 2001-жылдагы 22,3 пайыздан 2005-жылдагы 3,8 пайызга чейин төмөндөгөн жана бул бюджеттин кирешелеринин көбөйүүсү жана тышкы карызды тейлөө милдеттенмелеринин төмөндөөсү менен да байланыштуу (4.2-таблица).

**4.2-таблица. Кыргыз Республикасынын МТК республиканын бюджетинин кирешелеринде тейлениши**

*(АКШ млн. доллары)*

| Көрсөткүч | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бюджетке кирешелер | 258,9 | 306,6 | 368,5 | 416,7 | 485,0 |
| Мамлекеттик карызды тейлөө (бюджеттик чыгашалар, млн. АКШ долларында) | 57,8 | 11,1 | 11,2 | 18,4 | 18,6 |
| Мамлекеттик аарызды тейлөөнүн бюлдеттик кирешелерге карата катышы (пайыздарда) | 22,3 | 3,6 | 3,0 | 4,4 | 3,8 |

*Улуттук банктын маалыматтары боюнча*

*АКШ долларнын сомго карата орточо жылдык курсу пайдаланылган (2005-ж. 1$ = 42сом).*

Басылманын 4.2-таблицасында көрүнүп тургандай кредиторлордун Париж клубунда эки тараптуу тышкы карызды реструктуризациялоо жөнүндө келишимдердин жетишилгендиги фискалдык туруктуулуктун жакшы көрсөткүчтөргө ээ болушуна түрткү болгон.

Бирок Кыргызстан үчүн тышкы карыздарды тескөөдөгү жетишилген мына ушундай оң натыйжаларга карабастан, карыздык туруктуулукка жетишүү проблемасы дале курч бойдон кала берүүдө.

Карыздык туруктуулук деген карыз алуучу өлкөлөрдүн кредиторлого реструктуризациялоо же мөөнөтү өтүп кеткен төлөмдөрдү аккумуляцилоо үчүн кайрылбастан эле, учурдагы жана келечекте тышкы милдеттенмелерди толук көлөмдө төлөөгө жөндөмдүүлүгүн билдирет.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасы карыздык жүгүн жеңилдетүү үчүн карызга белчесинен баткан жакыр өлкөлөрдүн карыздарын жеңилдетүү боюнча Демилгеге (HIPC) жана көп тараптуу карыздык жүктү жеңилдетүү (MDRI) боюнча Демилгеге кошулуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселени карап жатат. HIPC жана MDRI Демилгелеринин өзгөчөлүгү көптараптуу кредиторлордун алдында карыздарды реструктуризациялоо мүмкүнчүлүгүн берүү саналат, бул кредиторлордун Париж клубу тарабынан колдонулуучу тышкы карызды реструктуризациялоонун стандарттык шарттарында мүмкүн эмес, алар расмий эки тараптуу тышкы карызды гана реструктуризациялоону карайт.

Өлкө HIPC Демилгесине тиешелүү деп төмөндөгүдөй шартта классификацияланат: эгерде, мамлекеттик тышкы карыздын таза келтирилген наркынын товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна же мамлекеттик тышкы карыздын кирешелеринин көлөмүнө карата катышынын көрсөткүчү тиешелүүлүгүнө жараша 150 жана 250 пайызга жогорулаган болсо.

Ошону менен катар, тышкы карыздын туруктуулугуна жетишүү үчүн тышкы карызды реструктуризациялоого багытталган ишчаралар гана жетишсиз. Экономикалык өсүштү камсыз кылуу жана тышкы карыздын өсүшүнө салыштырганда товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун алдыга озуу менен өсүшү маанилүү фактор болуп кала берүүдө. Экспорттун өсүшү менен туруктуу тышкы карыздын туруктуулугунун ортосунда тике көзкарандылык байкалууда, аны 4.9-графиктен көрүүгө болот. 2000-2005-жылдар ичинде экспорттун тышкы карыздын өсүшүнө салыштырганда алдыга озуу менен өсүшү тышкы карыздын туруктуу өсүшүнө оң таасир эткен.

**4.9-график. Карыз алышуунун туруктуу мүнөзгө ээ болбоосу**

*(пайыздар)*



## 4.3-таблица: Кыргыз Республикасынын тышкы карызы (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК *(млн. АКШ доллары)* | 1 729,5 | 1 845,4 | 1 985,6 | 2 110,1 | 2 001,4 |
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК *(ИДПга карата пайыздарда)* | 113,0 | 114,3 | 103,3 | 95,4 | 82,0 [1] |
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК *(экспорт пайыздары)* | 307,2 | 288,3 | 265,3 | 223,8 | 210,0 [2] |
| ЖТК боюнча төлөм графиги[3] *(млн. АКШ доллары)* | 177,1 | 146,1 | 178,4 | 213,8 | 170,9 |
| ЖТКны иш жүзүндө тейлөө[3] *(млн. АКШ доллары)* | 166,5 | 128,1 | 136,2 | 168,1 | 118,9 |
| ЖТКны тейлөө коэффициенти *(экспорттун пайыздары)* | | | | | |
| - график боюнча | 31,4 | 22,8 | 23,8 | 22,7 | 17,9 |
| - иш жүзүндө | 29,6 | 20,0 | 18,2 | 17,8 | 12,5 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК *(млн. АКШ доллары)* | 1 443,7 | 1 586,3 | 1 776,4 | 1 959,2 | 1 860,2 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК *(ИДПга карата пайыздарда)* | 94,3 | 98,3 | 92,4 | 88,6 | 76,2 [1] |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК *(экспорттун пайыздары)* | 256,4 | 247,8 | 237,3 | 207,8 | 195,2 [2] |
| МТК боюнча төлөм графиги[3] *(млн. АКШ доллары)* | 71,7 | 86,5 | 96,7 | 106,3 | 112,9 |
| МТКны иш жүзүндө тейлөө[3] *(млн. АКШ доллары)* | 71,7 | 69,0 | 54,0 | 61,1 | 61,1 |
| МТКны тейлөө коэффициенти *(экспорттун пайыздары)* | | | | | |
| - график боюнча | 12,7 | 13,5 | 12,9 | 11,3 | 11,8 |
| - иш жүзүндө | 12,7 | 10,8 | 7,2 | 6,5 | 6,4 |

[1] болжолдуу жылдык ИДПга карата

[2] товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн болжолдуу жылдык экспортуна карата

[3] пайыздарды жана негизги сумманы төлөөнү камтыйт

## 4.4-таблица: Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрү боюнча түзүмү

*(бир мезгилдин акырына карата абал боюнча)*

| | 2001 | | 2002 | | 2003 | | 2004 | | 2005 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *АКШ млн. долларында* | *жый. карата пайыздарда* | *АКШ млн. долларында* | *жый. карата пайыздарда* | *АКШ млн. долларында* | *жый. карата пайыздарда* | *АКШ млн. долларында* | *жый. карата пайыздарда* | *АКШ млн. долларында* | *жый. карата пайыздарда* |
| **Жалпы тышкы карыз (I+II)** | **1 729,5** | **100,0** | **1 845,4** | **100,0** | **1 985,6** | **100,0** | **2 110,1** | **100,0** | **2 001,4** | **100,0** |
| **I. Мамлекеттик жана мамлекет тарабынан гарантияланган карыз** | **1 443,7** | **83,5** | **1 586,3** | **86,0** | **1 776,4** | **89,5** | **1 959,2** | **92,9** | **1 860,2** | **92,9** |
| **I.1 Көп тараптуу карыз** [1] | 949,7 | 54,9 | 1 074,8 | 58,2 | 1 215,8 | 61,2 | 1 354,1 | 64,2 | 1 285,3 | 64,2 |
| ЭВФ | 179,3 | 10,4 | 185,2 | 10,0 | 201,9 | 10,2 | 206,9 | 9,8 | 177,9 | 8,9 |
| Дүйнөлүк банк | 388,4 | 22,5 | 457,0 | 24,8 | 525,2 | 26,5 | 579,0 | 27,4 | 562,8 | 28,1 |
| Өнүгүүнүн жана Реконструкциялоонун Европа Банкы | 62,3 | 3,6 | 53,7 | 2,9 | 44,1 | 2,2 | 36,5 | 1,7 | 27,7 | 1,4 |
| Азия Өнүгүү Банкы | 291,9 | 16,9 | 342,5 | 18,6 | 399,9 | 20,1 | 477,8 | 22,6 | 466,8 | 23,3 |
| КЕС[2] | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Өнүгүүнүн жана Реконструкциялоонун Ислам Банкы | 14,9 | 0,9 | 18,7 | 1,0 | 23,9 | 1,2 | 30,7 | 1,5 | 28,8 | 1,4 |
| Айылчарба Өнүктүрүүнүн Эларалык фонду | 4,5 | 0,3 | 5,7 | 0,3 | 7,0 | 0,4 | 9,2 | 0,4 | 9,0 | 0,4 |
| ОПЕК | 3,5 | 0,2 | 6,7 | 0,4 | 7,3 | 0,4 | 7,0 | 0,3 | 6,3 | 0,3 |
| Өнүгүүнүн Түндүк Фонду | 4,7 | 0,3 | 5,3 | 0,3 | 6,4 | 0,3 | 6,9 | 0,3 | 6,0 | 0,3 |
| **I.2 Эки тараптуу карыз** | 466,5 | 27,0 | 506,5 | 27,4 | 555,3 | 28,0 | 599,8 | 28,4 | 574,8 | 28,7 |
| **I.2.1 КМШ өлкөлөрү** | 177,8 | 10,3 | 182,4 | 9,9 | 180,2 | 9,1 | 192,9 | 9,1 | 197,1 | 9,8 |
| Россия[2] | 166,4 | 9,6 | 171,1 | 9,3 | 168,6 | 8,5 | 181,8 | 8,6 | 186,0 | 9,3 |
| Өзбекстан | 11,3 | 0,7 | 11,3 | 0,6 | 11,6 | 0,6 | 11,1 | 0,5 | 11,1 | 0,6 |
| Казакстан[2] | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Түркмөнстан[2] | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **I.2.2 Башка өлкөлөр** | 288,7 | 16,7 | 324,0 | 17,6 | 375,1 | 18,9 | 406,9 | 19,3 | 377,7 | 18,9 |
| Түркия | 43,6 | 2,5 | 44,5 | 2,4 | 45,8 | 2,3 | 46,3 | 2,2 | 46,3 | 2,3 |
| Япония[2] | 176,6 | 10,2 | 197,0 | 10,7 | 229,8 | 11,6 | 247,4 | 11,7 | 225,2 | 11,3 |
| Германия[2] | 20,0 | 1,2 | 26,5 | 1,4 | 37,1 | 1,9 | 45,0 | 2,1 | 40,8 | 2,0 |
| Швейцария[2] | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Пакистан | 8,4 | 0,5 | 8,4 | 0,5 | 8,4 | 0,4 | 10,0 | 0,5 | 10,0 | 0,5 |
| Кытай | 6,0 | 0,3 | 10,3 | 0,6 | 13,3 | 0,7 | 13,6 | 0,6 | 13,6 | 0,7 |
| Франция[2] | 3,5 | 0,2 | 4,1 | 0,2 | 5,0 | 0,3 | 5,7 | 0,3 | 5,5 | 0,3 |
| Кувейт фонду | 9,8 | 0,6 | 13,0 | 0,7 | 15,5 | 0,8 | 15,6 | 0,7 | 15,7 | 0,8 |
| Индия | 0,9 | 0,1 | 0,9 | 0,1 | 0,9 | 0,0 | 1,0 | 0,0 | 1,0 | 0,1 |
| Корея | 12,2 | 0,7 | 13,5 | 0,7 | 14,1 | 0,7 | 16,5 | 0,8 | 16,7 | 0,8 |
| Дания[2] | 7,7 | 0,4 | 5,8 | 0,3 | 5,0 | 0,3 | 5,9 | 0,3 | 3,0 | 0,1 |
| **I.3 Мамлекет тарабынан гарантияланган карыз** | 27,5 | 1,6 | 5,0 | 0,3 | 5,3 | 0,3 | 5,3 | 0,3 | 0,0 | 0,0 |
| **II. Гарантияланбаган карыз** | **285,8** | **16,5** | **259,1** | **14,0** | **209,3** | **10,5** | **150,9** | **7,1** | **141,2** | **7,1** |

[1] эларалык финнсы институттарын кошо алганда, көп тараптуу негизде иш алып барышкан кредиторлор

[2] Париж Клубунун катышуучулары

# 5. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛАРАЛЫК ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ПОЗИЦИЯСЫ

Тышкы дүйнөнүн алдындагы милдеттенменин четөлкө активдерине ээ болгон өлкөлөрдөн артышы 2005-жылдын акырына карата Кыргыз Республикасынын 1497,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс маанидеги **таза эларалык инвестициялык позициясын** түзгөн, бул 2004-жылдын ушундай мезгилиндегиден 20,6 пайызга аз.

Кыргыз Республикасынын **тышкы финансы активдеринин** көлөмү 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата абал боюнча 1175,7 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2005-жылдын үчтүн айынын бириндеги деңгээлден 24,5 пайызга арткан. Бул, эң башкысы, ишканалардын дебитордук карыздарынын запастарынын 2,3 эсеге көбөйүүсү менен түшүндүрүлөт. Мурдагы жылдардагыдай эле, тышкы финансылык активдердин өлчөмүнө олуттуу таасирди банктарда депозиттердин жана нак четөлкө валюталарынын запастарынын көбөйүүсү (8,2 пайызга) жана эларалык камдардын өсүүсү (11,9 пайыз) тийгизген.

Кыргызстандын тышкы финансылык милдеттенмелеринин көлөмү 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата 2672,8 млн. АКШ долларын түзгөн. 2005-жылдын үчтүн айы-бештин айларында алар 154,8 млн. АКШ долларына төмөндөгөн (5,5 пайызга). Тышкы финансылык милдеттенмелердин динамикасы, эң оболу, башка инвестициялардын көлөмүнүн төмөндөшү менен аныкталган. Алып көрсөк, 2005-жылдын акырына карата абал боюнча башка инвестициялар 2149,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул отчеттук жылдын башталышына карата деңгээлден (же 1,9 пайызга) 41,0 млн. АКШ долларына төмөн. Кыргыз экономикасына карата жана башка инвестициялар мамлекеттик башкаруу секторуна карата узак мөөнөттүү милдеттенмелер түрүндө 78 пайыздан көп өлчөмдөгү кредиттер түрүндө берилген, алардын көлөмү жыл башынан бери 4,0 пайызды түзгөн. Ошондой эле башка инвестициялардын түзүмүндө банк тутумунун нак акчаларынын жана депозиттеринин көлөмүнүн олуттуу төмөндөгөнүн белгилеп кетүүгө болот (32,2 пайызга).

**5.1-график: ЭИПтин динамикасы**

*млн. АКШ доллары, бир мезгилдин акырына карата*



## 5.1-таблица: 2005-жылдын үчтүн айынын бирине жана 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата Кыргыз Республикасынын эларалык инвестициясынын балансы

*(АКШ млн. доллары)*

| | *05.01.01 карата калдык* | *Жүргүзүлгөн операциялардан улам өзгөрүүлөр* | *Баалардын өзгөрүүсү* | *Курстардын өзгөрүүсү* | *Башка өзгөрүүлөр* | *06.01.01 карата калдык* |
|---|---|---|---|---|---|---|
| *А* | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* | *6* |
| **А. Активдер** | 940,9 | 146,1 | 64,1 | 24,3 | 0,4 | 1175,7 |
| Четөлкөгө тике инвестициялар | 83,2 | – | 57,3 | 7,0 | – | 147,6 |
| Портфелдик инвестициялар | 10,7 | 4,3 | -0,2 | – | – | 14,9 |
| Финансы деривативдери | – | – | – | – | – | – |
| Башка инвестициялар | 303,2 | 61,2 | 1,2 | 39,2 | – | 404,8 |
| Нак акча жана депозиттер | 200,1 | 27,9 | – | -11,4 | – | 216,6 |
| Кредиттер | 8,5 | 2,6 | – | 6,8 | – | 17,9 |
| АКЖО (ОДКР) | – | – | – | – | – | – |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 0,9 | -0,3 | – | – | – | 0,6 |
| Банктар | 7,6 | 2,9 | – | 6,8 | – | 17,3 |
| Башка секторлор | – | – | – | – | – | – |
| Соодалык кредиттер | 73,1 | 49,4 | – | 43,8 | – | 166,4 |
| Башка активдер | 21,4 | -18,7 | 1,2 | – | – | 3,9 |
| Камдык активдер | 543,8 | 80,5 | 5,7 | -21,9 | 0,4 | 608,5 |
| Монетардык алтын | 18,9 | 18,7 | 5,0 | – | – | 42,6 |
| АКУ (СПЗ) | 19,7 | -12,9 | – | -1,5 | – | 5,3 |
| ЭВФтеги камдык позиция | – | – | – | – | – | – |
| Четөлкө валютасы | 505,1 | 74,8 | 0,7 | -20,4 | 0,4 | 560,6 |
| Нак акча жана депозиттер | 350,1 | 95,0 | – | -11,0 | – | 434,1 |
| АКЖОдо | 65,6 | 55,7 | – | -2,6 | – | 118,7 |
| банктарда | 284,5 | 39,3 | – | -8,4 | – | 315,4 |
| Четөлкө баалуу кагаздары | 155,0 | -20,2 | 0,7 | -9,4 | 0,4 | 126,5 |
| Облигациялар жана башка карыздык баалуу кагаздар | – | – | – | – | – | – |
| Акча рыногунун инструменттери жана деривативдер | 155,0 | -20,2 | 0,7 | -9,4 | 0,4 | 126,5 |
| **Б. Милдеттенмелер** | 2827,6 | 3,0 | -56,7 | -50,3 | -50,8 | 2672,8 |
| Кыргыз Республикасына тике инвестициялар | 713,6 | 42,6 | -56,7 | -11,9 | -169,9 | 517,7 |
| Портфелдик инвестициялар | 6,0 | – | – | 0,1 | – | 6,1 |
| Финансы деривативдери | – | – | – | – | – | – |
| Башка инвестициялар | 2108,0 | -39,5 | – | -38,5 | 119,1 | 2149,0 |
| Нак акча жана депозиттер | 106,1 | -60,9 | – | 26,7 | – | 72,0 |
| Кредиттер | 2013,2 | -0,6 | – | -130,1 | 52,1 | 1934,5 |
| АКЖО | 206,9 | -12,5 | – | -16,6 | – | 177,9 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 1752,3 | 16,3 | – | -138,4 | 52,1 | 1682,3 |
| Банктар | 16,8 | -4,6 | – | 25,6 | – | 37,9 |
| Башка секторлор | 37,2 | 0,1 | – | -0,8 | – | 36,5 |
| Соодалык кредиттер | -11,4 | 24,1 | – | 64,9 | 64,9 | 142,5 |
| Башка милдеттенмелер | – | -2,1 | – | – | 2,1 | – |
| **В. Таза эларалык инвестициялык позиция (А-Б)** | -1886,7 | 143,1 | 120,7 | 74,6 | 51,2 | -1497,1 |

**5.2-таблица: Кыргыз Республикасынын 2001-жылдан 2006-жылга чейинки четөлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин динамикасы**

*(млн. АКШ долларында)*

| | *02.01.01. карата калдык* | *03.01.01. карата калдык* | *04.01.01. карата калдык* | *05.01.01. карата калдык* | *06.01.01. карата калдык* |
|---|---|---|---|---|---|
| А. Активдер | 488,8 | 551,3 | 711,6 | 940,9 | 1175,7 |
| Четөлкөгө тике инвестициялар | 39,3 | 39,3 | 39,3 | 83,2 | 147,6 |
| Портфелдик инвестициялар | 3,7 | 6,2 | 7,6 | 10,7 | 14,9 |
| Финансы деривативдери | 17,2 | – | – | – | – |
| Башка инвестициялар | 192,8 | 216,1 | 305,6 | 303,2 | 404,8 |
| Нак акчалар жана депозиттер | 35,2 | 88,7 | 151,3 | 200,1 | 216,6 |
| Кредиттер | 2,8 | 6,9 | 6,7 | 8,5 | 17,9 |
| АКЖО (ОДКР) | – | – | – | – | – |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 2,3 | 1,5 | 1,2 | 0,9 | 0,6 |
| Банктар | 0,5 | 5,4 | 5,5 | 7,6 | 17,3 |
| Башка секторлор | – | – | – | – | – |
| Соодалык кредиттер | 105,4 | 93,6 | 117,8 | 73,1 | 166,4 |
| Жана башка активдер | 49,3 | 27,0 | 29,8 | 21,4 | 3,9 |
| Камдык активдер | 235,9 | 289,7 | 359,2 | 543,8 | 608,5 |
| Монетардык алтын | 6,4 | 7,9 | 9,6 | 18,9 | 42,6 |
| АКУ (СДР) | 1,3 | 0,6 | 10,2 | 19,7 | 5,3 |
| ЭВФтеги камдык позиция | – | – | – | – | – |
| Четөлкө валютасы | 228,1 | 281,2 | 339,3 | 505,1 | 560,6 |
| Нак акчалар жана депозиттер | 159,5 | 259,1 | 192,4 | 350,1 | 434,1 |
| Четөлкө баалуу кагаздары | 68,7 | 22,1 | 146,9 | 155,0 | 126,5 |
| Б. Милдеттенмелер | 2249,0 | 2350,1 | 2610,8 | 2827,6 | 2672,8 |
| Кыргыз Республикасына тике инвестициялар | 440,8 | 479,1 | 523,4 | 713,6 | 517,7 |
| Портфелдик инвестициялар | 9,7 | 0,5 | 5,7 | 6,0 | 6,1 |
| Финансы деривативдери | – | 29,7 | 24,6 | – | – |
| Жана башка инвестициялар | 1798,5 | 1840,8 | 2057,2 | 2108,0 | 2149,0 |
| Нак акчалар жана депозиттер | 1,1 | 27,1 | 70,1 | 106,1 | 72,0 |
| Кредиттер | 1658,3 | 1697,2 | 1839,1 | 2013,2 | 1934,5 |
| АКЖО (ОДКР) | 179,3 | 185,2 | 201,9 | 206,9 | 177,9 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 1264,4 | 1401,1 | 1574,5 | 1752,3 | 1682,3 |
| Банктар | 4,5 | 11,4 | 9,6 | 16,8 | 37,9 |
| Жана башка секторлор | 210,1 | 99,5 | 53,1 | 37,2 | 36,5 |
| Соодалык кредиттер | 136,9 | 116,4 | 148,0 | -11,4 | 142,5 |
| Жана башка милдетенмелер | 2,2 | 0,1 | – | – | – |
| С. Таза эларалык инвестициялык позиция (А-Б) | -1760,3 | -1798,8 | -1899,3 | -1886,7 | -1497,1 |

# I-тиркеме: Таблицалар жана графиктер

## I.1-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу түрдө берүүдө)

*(млн. АКШ долларында)*

| | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-19,0** | **-48,9** | **-85,2** | **-75,5** | **-198,3** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -10,9 | -79,4 | -134,7 | -184,5 | -449,4 |
| Товарлар | 31,1 | -73,3 | -132,8 | -170,6 | -418,7 |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) | 480,3 | 498,1 | 590,3 | 733,2 | 686,8 |
| экспорт | 251,6 | 333,5 | 329,7 | 442,2 | 454,1 |
| порттордон алынган товарлар | — | — | — | — | — |
| монетардык эмес алтын | 224,6 | 162,8 | 259,6 | 287,4 | 230,7 |
| камтуу боюнча оңдоолор | 4,1 | 1,8 | 1,0 | 3,5 | 2,0 |
| Товарлардын импорту (ФОБ) | -449,2 | -571,4 | -723,1 | -903,8 | -1105,5 |
| импорт (СИФ) | -466,3 | -583,9 | -714,0 | -937,6 | -1098,5 |
| нарк боюнча оңдоолор | 31,9 | 38,2 | 49,3 | 69,9 | 86,3 |
| порттордон алынган товарлар | -0,9 | -2,9 | -2,9 | -3,4 | -2,8 |
| камтуу боюнча оңдоолор | -13,9 | -22,8 | -55,5 | -32,7 | -90,5 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | -42,0 | -6,2 | -1,9 | -13,9 | -30,8 |
| экспорт | 82,8 | 142,0 | 158,2 | 209,8 | 266,3 |
| импорт | -124,8 | -148,2 | -160,1 | -223,7 | -297,1 |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | -28,2 | -18,5 | -22,3 | -37,9 | -64,9 |
| экспорт | 20,4 | 37,5 | 41,9 | 50,8 | 60,6 |
| импорт | -48,6 | -55,9 | -64,2 | -88,7 | -125,5 |
| Темиржол транспорту | -18,3 | -21,6 | -26,8 | -37,6 | -57,0 |
| экспорт | 6,5 | 9,4 | 10,5 | 11,4 | 17,2 |
| импорт | -24,8 | -30,9 | -37,3 | -49,0 | -74,2 |
| Аба транспорту | -3,1 | 8,0 | 12,9 | 16,0 | 8,6 |
| экспорт | 9,2 | 22,7 | 26,1 | 32,7 | 36,5 |
| импорт | -12,4 | -14,7 | -13,3 | -16,7 | -27,9 |
| Автомобиль транспорту | -5,5 | -4,9 | -7,6 | -9,1 | -15,1 |
| экспорт | 2,3 | 2,9 | 2,0 | 4,6 | 2,3 |
| импорт | -7,8 | -7,8 | -9,6 | -13,6 | -17,4 |
| Транспортун башка түрлөрү | -1,2 | — | -0,9 | -7,2 | -1,4 |
| экспорт | 2,3 | 2,5 | 3,2 | 2,1 | 4,4 |
| импорт | -3,5 | -2,5 | -4,1 | -9,3 | -5,9 |
| Кыдыруулар | 12,5 | 25,8 | 31,2 | 25,3 | 19,8 |
| экспорт | 24,4 | 35,7 | 47,8 | 75,6 | 83,8 |
| импорт | -11,9 | -9,9 | -16,6 | -50,3 | -64,0 |
| Ишкердик кыдыруулар | 4,2 | 10,1 | 11,8 | 5,9 | 2,1 |
| экспорт | 10,5 | 15,3 | 20,5 | 32,5 | 36,0 |
| импорт | -6,3 | -5,2 | -8,8 | -26,6 | -33,9 |
| Жеке кыдыруулар | 8,3 | 15,7 | 19,4 | 19,5 | 17,7 |
| экспорт | 13,9 | 20,3 | 27,2 | 43,1 | 47,8 |
| импорт | -5,6 | -4,6 | -7,8 | -23,6 | -30,1 |
| Байланыштын кызмат көрсөтүүлөр | 0,7 | 1,9 | 0,4 | 1,9 | 0,4 |
| экспорт | 8,7 | 8,9 | 8,7 | 8,0 | 6,4 |
| импорт | -7,9 | -7,0 | -8,2 | -6,1 | -6,0 |
| Курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр | -2,2 | -3,6 | 3,0 | 6,8 | 16,8 |
| экспорт | 4,5 | 4,9 | 5,7 | 8,3 | 19,0 |
| импорт | -6,7 | -8,5 | -2,7 | -1,6 | -2,1 |
| Камсыздандыруу жагынан кызмат көрсөтүүлөр | -8,1 | -9,3 | -14,0 | -13,2 | -14,9 |
| экспорт | 0,1 | 0,2 | 1,2 | 0,1 | 0,1 |
| импорт | -8,3 | -9,6 | -15,3 | -13,4 | -15,1 |

| 2004 | | | | 2005 | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | III | IV | |
**Камдык активдер** төлөм теңдеминин тартыштыгын каржылоо үчүн пайдаланылышы мүмкүн болгон Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын четөлкө активдеринен турат. Төлөм теңдеминде монетардык алтын менен операцияларга (Улуттук банк менен акчакредиттик жөнгө салуу боюнча четөлкө органдарынын ортосундагы операциялар гана), атайы карыз алышуу укугу, эркин конвертирленүүчү валюта активдери, ликвиддүү четөлкө баалуу кагаздары жана ж.б. ликвиддүү четөлкө баалуу кагаздары жана ж.б. ликвидүү четөлкө активдери менен операцияларга байланыштуу болгон камдык активдердеги өзгөрүүлөр чагылдырылат. ЭВФтин камдык активдери жана кредиттери ошондой эле Улуттук банктын төлөм теңдеминде чагылдырылуучу башка активдери жана милдеттенмелери боюнча маалыматтар Улуттук банктын ички булактарынан алынган маалыматтарга негизделген.

**4. Төлөм теңдемин сунуш кылуунун формалары**

Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми нейтралдуу жана аналитикалык формаларда берилет.

Нейтралдуу форма (I-тиркеме, I.1.-таблица) өзүнө төлөм теңдеминин бардык статьялары эки тилкеде, өзүнчө кредит жана дебет боюнча, мында кредит боюнча өткөрүүнүн суммасы таза каталарды жана калтырып кетүүлөрдү эске алуу менен дебет боюнча өткөрүүдөгү суммага барабар болот же салндолонгон түрүндө чагылдырылышы менен мүнөздөлөт. Нейтралдуу формада берүүдө төлөм теңдеминин жалпы сальдосу дайыма нөлгө барабар болот.

Аналитикалык формада (I-таблица) бардык статьялар сальдолонгон түрүндө көрсөтүлөт. Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу конкреттүү өлкөнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталган өзүнчө бир статьянын суммасы катары түзүлөт. Бул статьялар көзкарандысыз (б.а. өз максатына жооп берген) жүзөгө ашырылуучу жана андан төлөм теңдеминин жыйынтыкталган сальдосунун өлчөмү көзкаранды болгон операцияларды чагылдырууга тийиш. Бул статьялар "чектен тышкары" статьялары деп аталат. "Чеке чейинки" статьясынын калган бардык операциялары төлөм теңдеминин сальдосун каржылоо максатында жүзөгө ашырылат. Бул операциялар аргасыздан жүргүзүлүп, көзкаранды жана Улуттук банк менен Өкмөттүн жөнгө салуучу аракеттерине байланыштуу. Ошентип, төлөм теңдеминин сальдосу субъективдүү ой жүгүртүү үчүн элементтерди камтып турса да, төлөм теңдеминин сальдосунун өлчөмүн ченөөгө, анын финансылашындагы керектөөлөрүн аныктоого мүмкүндүк берет.

## II.1-таблица: Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн пайдаланылуучу маалыматтар булагы

| Төлөм теңдеминин статьялары | Маалымат булагы | Маалыматтардын маңызы |
|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | | |
| **Товарлар** | | |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) Экспорт | Улуттук Стат. ком. | - МБИ жана ишканалардан алынган маалыматтардын негизинде, товарлардын экспорту боюнча (ФОБ) маалыматтар |
| порттордон алынган товарлар | Улуттук Стат. ком. | ишканалардын отчетторунун негизинде бункердик отунду экспорттоо боюнча маалыматтар |
| монетардык эмес алтын | Улуттук Стат. ком. | - МБИнин маалыматтарынын негизинде монетардык эмес алтындын экспорту боюнча маалыматтар |
| Товарлардын импорту (ФОБ) импорт (СИФ) | Улуттук Стат. ком. | - МБИ жана ишканалардан алынган маалыматтардын негизинде, товарлардын импорту боюнча (СИФ) маалыматтар |
| нарк боюнча ондоолор | Улуттук Стат. ком., Улуттук банк | - ишканаларды иликтөөнүн негизинде, СИФ наркы боюнча импорттогу транспорттук жана камсыздандыруу кызматтарынын үлүшүнө Улуттук банктын баасы |
| порттордон алынган товарлар | Улуттук Стат. ком. | ишканалардын отчетторунун негизинде бункердик отунду экспорттоо боюнча маалыматтар |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | | |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | Улуттук Стат. ком., КБ | ишканалардын отчетторунун негизинде алынган маалыматтар, ишканаларды иликтөөнүн негизинде СИФ наркы боюнча импорттогу транспорттук чыгымдардын үлүшүнө Улуттук банктын баасы; транспорттук кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Кыдыруулар | Улуттук Стат. ком., | - республикага (республикадан кетип жаткан) келип жаткан жарандардын санына негизделген ыкмага ылайык берилген баа |
| Байланыш кызматтары | ТРжКМ | байланыштын эл аралык кызматтары боюнча маалыматтар |
| Курулуш жагынан көрсөтүлгөн кызматтар | Улуттук Стат. ком., ишканалар | - 1-ИНСУ формасы боюнча резидент эмес курулуш компанияларынын кызматтарынан пайдаланышкан ишканалардан жана 1-МСУ формасы боюнча четөлкөлөрдө кызмат көрсөтүшкөн курулуш уюмдарынан алынган маалыматтар; кээ бир ири ишканалардан алынган маалыматтар |
| Камсыздандыруу кызматтары | Улуттук Стат. ком., ишканалар, КБ | - ишканаларды иликтөөнүн негизинде, СИФ наркы боюнча импорттогу камсыздандыруу кызматтарынын үлүшүнө Улуттук банктын баасы; ишканалардан жана банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Финансылык кызмат көрсөтүүлөр | Улуттук банк, КБ | -Улуттук банктын көрсөтүлгөн жана алынган фин. кызмат көрсөтүүлөр боюнча маалыматтары; банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Компьютердик жана маалымат жагынан кызмат көрсөтүүлөр | КБ | -банк статистикасынын негизинде маалымат жана компьютердик кызмат көрсөтүүлөр боюнча маалыматтар |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | Тышкы иштер мин., КБ | КР-сынын четөлкөлөрдөгү өкүлчүлүктөрүн күтүүгө кеткен чыгашалар боюнча маалыматтар; КР-сында жайгашкан четөлкө өкүлчүлүктөрүнүн чыгашалары жөнүндө маалыматтар |
| Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | Улуттук Стат. ком., КБ, ишканалар | 8-ВЭС кызмат көрсөтүүлөр отчеттуулугунун формасы б-ча ишканалардан алынган ж.б. ишкердик техн. кызмат көрсөтүүлөр б-ча маалыматтар; банк статистикасынан, айрым ири ишканалардан алынган маалыматтар |
| анын ичинде, техникалык жардам | КРФМ, ЭВФ | -алынуучу техн-лык жардамдар б-ча баалоо негизинде алынган маалыматтар; инв-лык долбоорлорду жүзөгө ашырып жаткан уюмдардын маалыматтары |
| Жана башка кызмат көрсөтүүлөр | Улуттук Стат. ком., КБ | - 8-ВЭС кызмат көрсөтүүлөр отчеттуулугунун формасы боюнча, ишканалардан алынган жана башка ишкердик техн. кызмат көрсөтүүлөр боюнча маалыматтар; банк статистикасынан алынган ж.б. кызм. көрсөтүүлөр б-ча маалыматтар |

## II.1-таблица: (уландысы)

| Төлөм теңдеминин статьялары | Маалымат булагы | Маалыматтардын маңызы |
|---|---|---|
| **Кирешелер** | | |
| Эмгекке төлөөлөр | Улуттук Стат. ком., КБ, ишканалар | - башка өлкөлөрдөн келип иштеп жаткандарга эмгек акыларды төлөө боюнча ишканалардан алынган маалыматтар; четөлкөлөргө которуулар жөнүндө банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Инвестициялардан түшкөн кирешелер | | |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | Улуттук Стат. ком., КБ | - 1-ИНВЕСТ отчет формасы боюнча биргелешкен жана чет өлкө ишканаларынан алынуучу тике инвестициялар боюнча алынган кирешелер тууралуу маалыматтар; тике инвестициялардан алынган кирешелер жөнүндө банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | Улуттук банк, КБ | - резидент эместердин КР-сынын баалуу кагаздарына салымдарынан алынган кирешелери жөнүндө маалыматтар; баалуу кагаздар менен операциялар тууралуу банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Ж.б. инвестициялар боюнча алынган кирешелер | | |
| Кредиттер боюнча пайыздар | | |
| АКЖО | Улуттук банк | - ЭВФтин кредиттери боюнча пайыздар тууралуу маалыматтар |
| Мам. башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк, ишканалар | - мамлекеттик секторго берилген кредиттер боюнча пайыздар тууралуу маалыматтар; Өкмөттүн гарантиясы астында берилген кредиттер боюнча пайыздар тууралуу ишканалардан алынган маалыматтар |
| Банктар | КБ | -банктар аралык кредиттер б-ча пайыздар жөнүндөгү банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Жана башка секторлор | Ишканалар | - жеке секторго берилген кредиттер боюнча пайыздар тууралуу маалыматтар |
| Башка инвестициялар боюнча алынган кирешелер | Улуттук банк, КБ, ишканалар | - Эларалык камдарды тескөөгө байланыштуу Улуттук банктын кирешелери жана чыгашалары боюнча маалыматтар, комм. банктардын жана ишканалардын четөлкөдөгү активдеринен түшкөн кирешелер |
| **Күндөлүк трансферттер** | | |
| Гуманитардык жардам | Улуттук Стат. ком., ишканалар | - МБИ маалыматтарынын негизинде алынган гум. жардамдар боюнча маалыматтар |
| Техникалык жардам | ЭВФ | - алынуучу техникалык жардамдар боюнча баалоо негизинде алынган маалыматтар |
| Жана башка гранттар | Улуттук банк | - акчалай формасындагы гранттар боюнча маалыматтар |
| Эларалык уюмдарга төлөмдөр | ЭФМ | - Э\а уюмдарга жана КМШ уюмдарына төлөөлөр боюнча маалыматтар |
| Иштеп жаткандардын акчалай которуулары | ТРжКМ, КБ | калктын четөлкөгө жана четөлкөлөрдөн почта-телеграф жана банк аркылуу которуулары тууралуу маалыматтар |

## II.1-таблица: (уландысы)

| Төлөм теңдеминин статьялары | Маалымат булагы | Маалыматтардын маңызы |
|---|---|---|
| **Капитал менен опер. жана финансылык операциялар эсеби** | | |
| **Капиталдык трансферттер** | | |
| Товарлар түрүндөгү гранттар | Улуттук Стат. ком. | - товарлар түрүндөгү гранттардын жалпы көлөмүндөгү капиталдык товарлардын үлүшүнө баа берүүлөр |
| Көчүп кетүүлөргө байланыштуу трансферттер | Улуттук Стат. ком. | - көчүп кетип жана көчүп келип жаткандардын саны жөнүндө расмий маалыматтардын негизинде, көчүп кетип жаткандардын трансферттерине УСКнын берген баасы |
| Карыздарды кечирүү | Ишканалар | - резидент эместерден алынган карыздык каражаттарды тейлөө тууралуу ишканалардын маалыматтары |
| **Тике инвестициялар** | | |
| Четөлкөлөргө | КБ, ишканалар | - резиденттер тарабынан чет мамлекеттерге салынган тике инвестициялар жөнүндө банк статистикасынан жана ишканалардын отчетторунан алынган маалыматтар |
| Кыргыз Республикасына | Улуттук Стат. ком., КБ, ишканалар | - 1-ИНВЕСТ отчеттуулугунун формасы боюнча биргелешкен жана четөлкө ишканаларынан алынган тике инвестициялар боюнча маалыматтар; банк секторуна тике инвестициялар боюнча банк статистикасынан алынган маалыматтар; айрым бир биргелешкен ири ишканалардын маалыматтары |
| **Портфелдик инвестициялар** | | |
| Карыздык баалуу кагаздар | Улуттук банк, КБ, БКРМК | - резидент эместер тарабынан КР-сынын баалуу кагаздарын сатып алуу жана төлөө боюнча маалыматтар; баалуу кагаздар менен операциялар тууралуу банк статистикасынын маалыматтары |
| **Финансылык деривативдер** | Ишканалар | -финансы деривативдери менен операциялар тууралуу ишканалардын маалыматтары |
| **Башка инвестициялар** | | |
| Активдер | | |
| Накталай акчалар жана депозиттер | | |
| Банктар | КБ | - коммерциялык банктардын четөлкө активдери жөнүндө банк статистикасынын маалыматтары |
| Башка секторлор | Ишканалар | - резидент - ишканалардын четөлкө банктарынын эсептериндеги каражаттарынын калдыктары жөнүндө маалыматтар |
| Соодалык кредиттер | Улуттук Стат. ком. | - ишканалардын өзара эсептешүүлөрүнүн абалы жөнүндө маалыматтар (дебитордук карыз) |
| Башка активдер | | |
| АКЖО | Улуттук банк | - Улуттук банктын камга кошулбаган четөлкө активдери боюнча маалыматтар |
| Мам. башкаруу сектору | ЭФМ | - эларалык уюмдардын фондуларына төлөмдөр боюнча маалыматтар |
| Милдеттенмелер | | |
| Накталай акча жана депозиттер | | |
| Банктар | КБ | - ком. банктардын четөлкө милдеттенмелери боюнча банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Соодалык кредиттер | Улуттук Стат. ком. | - ишканалардын өзара эсептешүүлөрүнүн абалы жөнүндө маалыматтар (кредитордук карыз) |
| Кредиттер | | |
| АКЖО | Улуттук банк | - ЭВФтин кредиттери жөнүндө маалыматтар |
| Мам. башкаруу сектору | ЭФМ, Улуттук банк, ишканалар | - мам. сектор тарабынан же анын кепилдиги астында алынган/төлөнгөн кредиттер жөнүндө маалыматтар |
| Банктар | КБ | - ком. банктар тарабынан алынган кредиттер жөнүндө банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Башка секторлор | Ишканалар | - Өкмөттүн кепилдигисиз алынган же төлөнгөн кредиттер жөнүндө маалыматтар |
| Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздар | ФМ, КБ, ишканалар | - мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөр жөнүндө маалыматтар |
| Камдык активдер | Улуттук банк | - эларалык камдар жана алардын түзүмү боюнча маалыматтар |

# III тиркеме: Төлөм теңдеминин "Кыдыруулар" статьясына баа берүүнүн ыкмасы

"Кыдыруулар" статьясына баа берүү ыкмасы четөлкөлөрдөгү резиденттердин жана республикадагы резидент эместердин чыгашаларын бир кыйла так жана толук чагылдыруу, мейманканалардан, эс алуу үйлөрүнөн жана туристтик компаниялардан маалыматтарды жыйноонун салттуу түрдө колдонулуп келген ыкмасынын ордуна колдонуу максатында иштелип чыккан. "Кыдыруулар" статьясы боюнча маалыматтарды жыйноонун колдонулуп келинген ыкмасы операциялардын бир бөлүгүн гана камтыган жана төлөм теңдемин түзүүнүн эларалык тажрыйбаларына ылайык бул статьяны мүмкүн болушунча баа берүү жолу менен аныктоо дурус болмокчу.

"Кыдыруулар" статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту/импорту бир келүүчүгө/кетүүчүгө туура келүүчү чыгашаларын келип/кетүүчү жарандардын санына көбөйтүүнү билдирет.

Аталган статья боюнча эсептөөлөр кыдыруулардын боюнча алардын максатын төмөндөгүлөргө бөлүү менен жүргүзүлөт:

- кызматтык,
- туристтик,
- жеке,
- коммерциялык.

Чыгашалар кыдыруулардын максатынын ар бир категориясы боюнча өзүнчө, баа берүү менен эсептелинет.

Четөлкөлөрдө иш боюнча кыска мөөнөттүү кыдырууларда жүргөн кыргыз жарандарынын чыгашаларына баа берүү күнүнө 3 жолу тамактануунун наркын жана ал жерлерде жашаган туракжайлар үчүн чыгашаларын камтыган бир күндүк (суткалык) төлөмдөрдүн минималдуу нормасынын негизинде аныкталат. Бул нормалар республиканын мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан белгиленет. Эс алуу же коммерциялык (шоп-турлар) максаттар менен кыдырууларга баа берүү үчүн туристтик фирмалардын жолкирээнин наркын (аба-темиржол билеттеринин наркы) кошпогондогу, эсалууларга жана шоп-турларга жолдомолордун наркы жөнүндөгү маалыматтары пайдаланылат. Туристтердин бул чыгашалары туристтердин жеке максаттардагы сарптоолору боюнча маалыматтарды камтыйт, аларга аларды республиканын ичинде андан ары сатып өткөрүү үчүн товарларды алууга чыгашалары камтылбайт.

Кыргызстанга келген четөлкө жарандарынын чыгашалары дагы баа берүү негизинде эсептелинет жана бир күндөгү тамакаштарына орточо алынган чыгашаларды, республиканын мейманканаларында бир күн тургандыгы, ошондой эле республиканын аймагында болуу учурундагы кошумча чыгашаларын камтыйт.

"Кыдыруулар" статьясына баа берүүнүн аталган ыкмасы Улуттук статистика комитетинин жана Мамлекеттик бажы инспекциясынын расмий маалыматтарынын, ошондой эле туристтик фирмалардын жана мейманканалардын маалыматтарынын негизинде жүзөгө ашырылат.

# IV тиркеме: Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөөнүн ыкмасы

Номиналдуу алмашуу курсунун салмактанып алынган орточо маанисин билдирген жана кароого алынып жаткан өлкөнүн бааларынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү бааларга карата өзгөрүү тенденциясын эске албаган алмашуу курсу **номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу** деп аталат (НЭАК-NEER nominal effective exchange rate).

Номиналдуу эффективдүү алмашууу курсу конкреттүү өлкөдөгү алмашуу курсу анын соода боюнча өнөктөш өлкөнүн курстарына салыштырмалуу базалык мезгилге карата канчалык өзгөрүүгө дуушар болгондугун аныктоого мүмкүндүк берет. Бирок, номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун өзгөрүүсү валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн же кандайдыр бир мезгил аралыгында ошол өлкөдө өндүрүлгөн жана экспорттук потенциалга ээ болгон товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү канчалык деңгээлде өзгөрүүгө дуушар болгондугун көрсөтөт. Кандайдыр бир мезгил ичинде конкреттүү валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгү канчалык өзгөрүүгө дуушар болгондугун аныктоо үчүн реалдуу эффективдүү алмашуу курсу эсептелинет (РЕАК-REER real effective exchange rate).

Соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баалардын салыштырмалуу өзгөрүүсүнө дал келүүчү өлчөмгө карата корректировкаланган номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу **реалдуу эффективдүү алмашуу курсу** деп аталат.

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу өлкөлөрдүн валюталарынын салмактанып алынган реалдуу алмашуу курстарынын анын алдыңкы соода өнөктөштөрүнүн валюталарына карата катышын эсептөөдөн улам аныкталат. Мисалы, эгерде, конкреттүү өлкөнүн валютасынын курсу коңшу өлкөнүн валютасына карата инфляциянын жогорку деңгээлде болуусунан улам жогорулап жана бир эле учурда башка өнөктөш өлкөлөрдүн валюталарына карата инфляциянын деңгээлинин басаңдоосуна жараша төмөндөсө, реалдуу эффективдүү алмашуу курсу ошол өзгөрүүлөрдүн орточо өлчөмү катары улуттук валютанын курсун билдирет.

Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын индекстерин эсептөөнүн кеңири колдонулган формуласы болуп, белгилүү бир мезгил аралыгындагы тиешелүү эки тараптуу алмашуу курстарынын базалык мезгилдегиге карата өзгөрүүлөрүнүн салмактанып алынган орточо өлчөмүн чыгарып салуу формуласы саналат.

Эффективдүү алмашуу курстарынын индексин эсептөө үчүн өлкөлөрдүн каралып жаткан өлкөнүн тышкы соодасындагы салыштырмалуу салмагы аныкталат. Мына ошол салмак конкреттүү өлкө үчүн бул же тигил валютанын салыштырмалуу маанилүүлүгүн чагылдырат. Эффективдүү алмашуу курсу эки тараптуу сооданын үлүшүн салмак катары пайдалануу менен эсептелинип чыгат (ошондой эле, экспорт менен импорттун үлүшүн же алардын суммардык орточо көрсөткүчүн пайдаланууга болот). Сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептеп чыгарууда экспорт менен импорттун орточо көрсөткүчү пайдаланылат. Салмакты эсептөө формуласы төмөнкүдөй жүзөгө ашырылат:

$$W_i = \frac{M_i + X_i}{\sum_{i=1}^{n} X_i + \sum_{i=1}^{n} M_i} \qquad (1)$$

мында,

$$\sum_{i=1}^{n} W_i = 1.$$

**$W_i$** - өлкөнүн жалпы тышкы товар жүгүртүүсүндөгү i өлкөсүнүн салмагы,

**$M_i$** - i өлкөсүнөн Кыргыз Республикасына импорт,
**$X_i$** - i өлкөсүнө Кыргыз Республикасынан экспорт,

$\sum_{i=1}^{n} X_i$ - соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөргө Кыргыз Республикасынын экспортунун жалпы көлөмү

$\sum_{i=1}^{n} M_i$ - соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдөн Кыргыз Республикасына импорттун жалпы көлөмү.

**n** - кароого тандалып алынган өлкөлөрдүн саны

Соода боюнча өнөктөш катары Кыргыз Республикасынын тышкы соодасынын жалпы көлөмүндө эң чом салыштырмалуу салмакты ээлешкен өлкөлөр каралууда, аларды тандап алуу тышкы соода жүгүртүүнүн 90 пайызын камтууга тийиш. Акыркысынан булар менен соода салыштырмалуу артыкчылык принциби боюнча эмес жүзөгө ашырылып жаткан импорттук жана экспорттук товарлар алынып салынат ( аларга алтын, жаратылыш газы, электроэнергия, товардык гранттар, б.а. мамлекет мында товарларды келишимдин негизинде катталган баа боюнча сатат). Өлкөлөрдүн куржунун Улуттук банк ар бир беш жылда карайт.

2005-жылы индекстерди эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2000-жыл кабыл алынган. Улуттук банк базалык мезгил аралыгын ар бир беш жылда өзгөртүп турат.

Номиналдуу эки тараптуу алмашуу кустарынын индекси төмөнкүчө эсептелинет (мисалга АКШ доллары үчүн).

$$NBER_{USt} = 100*(ER_{USt}/ER_{USo}) \qquad (2)$$

мында, $ER_{USt}$ - t мезгил аралыгындагы (1 сом үчүн АКШ долларынын бирдиги) геометриялык номиналдуу алмашуу курсу. t мезгил аралыгындагы сомдун алмашуу курсунун орточо мааниси t мезгил аралыгындагы бардык календардык күндөрдүн ичинде аракеттенүүчү сомдун орточо геометриялык номиналдуу алмашуу курсу катары аныкталат.

$ER_{USo}$ - 0 базалык мезгил ичиндеги тиешелүү орточо геометриялык номиналдуу алмашуу курсу.

Реалдуу эки тараптуу алмашуу курсунун индексин эсептөө формуласы төмөнкүчө (мисалы, АКШ доллары үчүн):

$$RBER_{USt} = 100*(ER_{USt}/ER_{USo})*(CPI_{KYRt}/CPI_{USt}) \qquad (3)$$

мында, $ER_{USt}$ - t мезгил аралыгындагы орточо геометриялык номиналдуу алмашуу курсу (1 сом үчүн АКШ доллары бирдигинде).

$ER_{USo}$ - 0 базалык мезгил ичиндеги тиешелүү орточо геометриялык номиналдуу алмашуу курсу .

$CPI_{USt}$, $CPI_{KYRt}$ - t мезгил аралыгынын 0 базалык мезгилине карата катышы учурундагы тиешелүүлүгүнө жараша Кыргыз Республикасында жана АКШда баалардын индексинин өзгөрүүсү.

Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу - бул соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн каралып жаткан куржунуна кирүүчү номиналдуу эки тараптуу алмашуу курстарынын орточо салмактанып алынган геометриялык индекстери. t мезгил аралыгы ичинде ал төмөнкүчө эсептелинет:

$$NEER_t = (NBER_{1t})W^{1t}*(NBER_{2t})W^{2t}...(NBER_{nt})W^{nt} \qquad (4)$$

мында, $NBER_{it}$ - t мезгилинде i өлкөсүнүн (2) формуласында эсептелинген номиналдуу эки тараптуу индекси.

$W_{it}$ - тиешелүү салмак.

Өлкөлөрдүн каралып жаткан куржунуна камтылган негизги өнөктөш өлкөлөрдүн эки тараптуу реалдуу алмашуу курстарынын орточо салмактанып алынган геометриялык индекси сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси болуп саналат. t мезгил ичинде ал төмөнкүчө эсептелинет:

$$REE_{Rt} = (RBER_{1t})W^{1t}*(RBER_{2t})W^{2t}...(RBER_{nt})W^{nt} \qquad (5)$$

мында, $RBER_{it}$ - t мезгил аралыгындагы i өлкөсүнүн (3) формула боюнча эсептелинген реалдуу эки тараптуу индекси.

$W_{it}$ - өлкөнүн (1) формула боюнча эсептелинген тиешелүү салмагы.

Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын динамикасы үч фактордон көзкаранды. Номиналдуу алмашуу курсу биринчи фактор болуп саналат. Сомду башка валюталарга карата бекемдөө (наркын төмөндөтүү) номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын индекстеринин жогорулоосуна (төмөндөөсүнө) алып келет. Экинчи фактор - кароого алынып жаткан өлкөдөгү жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баанын деңгээлинин өзгөрүүсү. Кыргыз Республикасындагы баанын өсүш арымынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баалардын өсүш арымдарына салыштырмалуу артып турууcу реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун жогорулоосуна же тескерисинче, алып келет. Баанын индекси реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөөдө гана кондонулат. Үчүнчү таасир берүүчү фактор болуп,

Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүгүртүүсүнүн көлөмүндөгү соодалык негизги өнөктөш өлкөлөрдүн салыштырмалуу салмактары саналат. Кыргызстандын тышкы товар жүгүртүүсүндө өлкөлөрдүн үлүшү канчалык көп болсо, сомдун алмашуу курсунун ошол өлкөнүн валютасына карата жана ошол өлкөдөгү баанын өзгөрүүсү сомдун эффективдүү алмашуу курсунун индексине ошончолук таасир бере алат.

Ошентип, реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин төмөндөөсү эрежедегиге ылайык, ушул өлкөлөрдүн рынокторундагы атамекендик товарлардын баа жагынан атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жогорулай тургандыгы жана тескерисинче болушу мүмкүндүгү жөнүндө күбөлөп турат болот.

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун кыргыз товарларынын баа жагынан атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө таасири 1-таблицада жалпыланган.

$$\varepsilon = \frac{E \times P}{P^*} \qquad (6)$$

Е- сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсу
Е- сомдун номиналдуу алмашуу курсу (1 сом үчүн четөлкө валютасынын бирдиги)
Р- кыргызстандагы баанын деңгээли
Р*- четөлкөдөгү баанын деңгээли
1-таблица. РЭАКтын өзгөрүүсү боюнча негизги тыянактар

**IV.1-таблица. РЭАКтын өзгөрүүсү боюнча негизги тыянактар**

| *Көрсөткүч* | *Көрсөткүчтүн өзгөрүүсү* | *РЕАКтын өзгөрүүсү* | *Кыргызстандын товарларынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн өзгөрүүсү* | *Эскертүү (бардык бирдей башка шарттарда)* |
|---|---|---|---|---|
| **Е,** алмашуу курсу | ↑ номиналдуу бекемделүү | ↑ реалдуу бекемделүү | ↓ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн начарлоосу | Четөлкө товарлары салыштырмалуу арзан болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу кымбат болот |
| **Е,** алмашуу курсу | ↓ Номиналдуу нарксыздануу | ↓ реалдуу нарксыздануу | ↑ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жакшыруусу | Четөлкө товарлары салыштырмалуу кымбат болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу арзан болот |
| **Р,** Кыргыз Республикасындагы баалардын деңгээли (сом түрүндө туюнтурулган) | ↑ | ↑ реалдуу бекемделүү | ↓ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн начарлоосу | Четөлкө товарлары салыштырмалуу арзан болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу кымбат болот |
| **Р,** Кыргыз Республикасындагы баалардын деңгээли (сом түрүндө туюндурулган) | ↓ | ↓ реалдуу нарксыздануу | ↑ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жакшыруусу | Четөлкө товарлары салыштырмалуу кымбат болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу арзан болот |
| **Р*,** четөлкөлөрдөгү баалардын деңгээли (өзүнүн валютасында туюндурул-ган) | ↑ | ↓ реалдуу нарксыздануу | ↑ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жакшыруусу | Четөлкө товарлары салыштырмалуу кымбат болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу арзан болот |
| **Р*,** четөлкөлөрдөгү баалардын деңгээли (өзүнүн валютасында туюндурулган) | ↓ | ↑ реалдуу бекемделүү | ↓ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн начарлоосу | Четөлкө товарлары салыштырмалуу арзан болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу кымбат болот |

## V-тиркеме: Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан 1997-жылдын бирдин айында коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы (ТБЭС) - күчүнө киргизилип, колдонулууда1. 2004-жылы Улуттук банк тарабынан "Төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы боюнча нускоого" өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген2. Бул система, төлөм теңдеминин банк тутуму аркылуу жүргүзүлүүчү операцияларын чагылдыруу үчүн кызмат кылат жана тышкы экономикалык операциялардын кеңири жана өз убагындагы статистикасын алууну камсыз кылат. Система өзүнө коммерциялык банктардын алар тарабынан жүзөгө ашырылуучу чет өлкө банктарындагы корреспонденттик эсептеринде, чет өлкө банктарынын кыргыз банктарындагы эсептериндеги накталай чет өлкө валютасы менен операцияларды жана резидент эместердин чет өлкө валютасындагы жана улуттук валютадагы операцияларын камтыйт. Кыргызстанда ТБЭСтин айырмалануучу өзгөчөлүгү болуп, коммерциялык банкттардын чет өлкөлүк өнөктөштөр менен корреспонденттик эсептер аркылуу жүзөгө ашырылган эларалык операциялары толук камтылгандыгы саналат, бул андан төмөн болгон учурда операциялар эске алынбаган, минималдуу баштапкы (пороговой) сумманын жоктугунан улам шартталган. Алынган маалымат маанилүү булак болуп саналат жана төлөм теңдемин түзүү жана Кыргыз Республикасынын эларалык инвестициялык позициясын аныктоо үчүн пайдаланылат. Отчеттук маалыматтар төлөм теңдеминин стандарттык компоненттеринин негизинде аныкталган операциялардын тизмесине ылайык классификацияланат жана чагылдырылат. Системанын натыйжалуу иштөөсүн Улуттук банк тарабынан иштелип чыккан "Операциялар боюнча эсепке алуунун автоматташтырылган системасы" программалык камсыздоосу камсыз кылат. Ал коммерциялык банктарда иштейт жана автоматтык түрдө жыйынтыкталган отчеттук маалыматтарды автоматтык режимде текшерип, ката кетирилген жазууларды аныктайт.

Коммерциялык банктар тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берилүүчү ар айлык отчеттор электрондук жана кагаз жүзүндө отчеттук айдан кийинки айдын 15-числосуна чейин берилет. Отчеттогу ар бир эсеп боюнча маалыматтар бир мезгилдин башталышына жана акырына карата эсептеги калдыктардын суммасын көрсөтүү менен башталат жана аяктайт, демек, ал жерде эсептердеги каражаттардын отчеттук мезгил ичиндеги жылышы катталат. Отчеттук мезгилдин башталышына жана акырына карата сальдо эсептин мүнөзүнө жараша көрсөтүлөт: ностро эсептери жана накталай чет өлкө валютасы үчүн бир мезгилдин башталышына жана акырына карата саьндо кредит боюнча, ал эми лоро-эсептери жана резидент эместердин чет өлкө валютасындагы жана улуттук валюта түрүндөгү эсептери үчүн тескерисинче, дебет боюнча көрсөтүлөт. Бардык отчеттор иштелип чыккандан кийин маалыматтардын жалпы базасына топтоштурулат да, төлөм теңдеминин стандарттык компоненттери боюнча классификацияланат, андан соң маалыматтар алынат жана алардын айрымдары Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминде чагылдырылат.

Ушул система боюнча коммерциялык банктар толтурушкан электрондук формадагы ар бир операция корреспондент банк, операциялардын валютасы, операциялардын датасы, операциялардын түрү, банктын кардарлары болгон өнөктөш өлкөлөр (контрагенттер), экономиканын белгилүү бир секторуна таандык экендиги, анын эсеби боюнча операциялар жүргүзүлгөн кардар өлкө боюнча классификацияланат. Операциялардын түрү, өлкөнүн аталышы, валютанын аталышы жана экономика сектору коддорого салынган формада көрсөтүлөт. Отчеттун ПБ-1 формасы боюнча электрондук формасы 14-тилкеде берилген жана түшүндүрмөсү төмөндө келтирилген.

[1] International Transaction Reporting System (ITRS) - англ.

| *Номер* | *Номердин аталышы* | *Тилкенин мазмуну* |
|---|---|---|
| 1 | Өнөктөштүн аталышы | Четөлкөдөгү корреспондент- банк аталышы көрсөтүлөт. Накталай четөлкө валюталары менен операцияларды эсепке алууда, бул санга “накталай четөлкө валюта” көрсөтүлөт. Кыргыз Республикасында резидент эместердин операцияларын эсепке алууда, бул жерде “резидент эмес- кардарлардын эсеби” көрсөтүлөт. |
| 2 | Өнөктөштөр жайгашуучу өлкөнүн коду | Корреспондент-банк жайгашкан өлкөнүн коду көрсөтүлөт. УСКнын өлкөлөрдү кодификациялоосунда келтирилген өлкөлөрдүн коду пайдаланылат. Накталай четөлкө валюталары менен операцияларды же Кыргыз Республикасында резидент эместердин четөлкө жана улуттук валютада операцияларын эсепке алууда, мында Кыргыз Республикасынын коду көрсөтүлөт. |
| 3 | Эсеп | Бул жерде эсептин коду анын классификациясына ылайык көрсөтүлөт ( "1-ностро", "2-лоро", "3 -нак четөлкө валютасы", " резидент эмес кардарлардын эсеби"). |
| 4 | Валюталардын аталышы | Операция жүргүзүлгөн валютанын коду көрсөтүлөт. Бул тилкеде валюталардын ИСО 4217003-97 валюта классификаторунда келтирилген валюталардын тамга түрүндөгү коду пайдаланылат. |
| 5 | Операциялардын датасы | Операцияларды банктын бухгалтердик отчеттуулугунда чагылдыруу датасы көрсөтүлөт. |
| 6 | Операциялардын коду | Операциялардын тилкелерде келтирилген операциялардын кодунун тизмесине ылайык көрсөтүлөт. |
| 7 | Төлөөчүнүн-алуучунун өлкөсүнүн коду | Накталай эмес операцияларды эсепке алууда: чыгыш төлөмү боюнча бул жерде бенефициардын (алуучунун) өлкөсүнүн коду, ал эми кириш төлөмдөрү боюнча жөнөтүүчүнүн өлкөсүнүн коду көрсөтүлөт. Ушундай эле жол менен нак четөлкө валютасы менен операциялар эсепке алынат. Мисалы, ар кайсы система боюнча (Western union, Contact, Money Gram, Anelik ж.б.) которуулар үчүн нак акчаларды салууда, бул жерде алуучунун өлкөсүнүн коду, ал эми ар кайсы система боюнча (Western union, Contact, Money Gram, Anelik ж.б.) нак акчаларды алууда жөнөтүүчүнүн өлкөсүнүн коду көрсөтүлөт. Бул жерде УСКнын өлкөлөрдүн кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коду пайдаланылат. |
| 8 | Сектордун коду | Экономиканын ага Кыргыз Республикасындагы банктын кардары таандык болгон секторунун коду көрсөтүлөт, анын эсеби боюнча банкта операция жүзөгө ашырылат. Бул жерде төлөм теьдеми боюнча Колдонмого ылайык иштелип чыккан классификаторго ылайык экономиканын секторлорунун коддору пайдаланылат. |
| 9 | Кардар өлкөнүн коду | Кыргыз Республикасындагы банктын кардары анын резиденти болуп саналган өлкөнүн коду көрсөтүлөт, анын эсеби боюнча банкта операция жүзөгө ашырылат. Бул жерде УСКнын өлкөлөрдүн кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коду пайдаланылат. |
| 10 | Кредит | Каражаттардын кыймылы эсептердин кредит жана дебет бөлүктөрүндө чагылдырылат. |
| 11 | Дебет | Буларды төмөндөгүдөй жол менен чагылдырууга болот: кредит боюнча каражаттардын түшүүсү- ностро эсеби боюнча операциялар жана накталай валюталар менен операциялар үчүн, дебет боюнча аларды чыгарып салуу - лоро эсеби боюнча операциялар жана резидент эмес кардарлардын улуттук валютасындагы жана четөлкө валютасындагы эсептери боюнча операциялары үчүн, тескерисинче: кредит боюнча- эсептен чыгарып салуу, дебет боюнча эсепке каражаттардын түшүүсү. Сумма номиналда, үтүрдөн кийин эки белги менен бирдиктүү валютада көрсөтүлөт. |
| 12 | Сом түрүндөгү сумма | Улуттук банктын курсу боюнча сом түрүндөгү эквиваленттик суммасы, операцияларды банктын бухгалтердик отчетунда чагылдыруу датасына карата көрсөтүлөт. Сумма үтүрдөн кийин эки белги менен көрсөтүлөт. |

| | | |
|---|---|---|
| 13 | АКШ долларындагы сумма | Улуттук банктын учеттук алмашуу курсу боюнча АКШ долларындагы эквиваленттик суммасы, операцияларды банктын бухгалтердик отчетунда чагылдыруу датасына карата көрсөтүлөт. Сумма номиналда, үтүрдөн кийин эки белги менен бирдиктүү валютада көрсөтүлөт. |
| 14 | Операциялар | Акча каражаттарынын ар бир которулушун багыттоо жөнүндөгү толук маалымат көрсөтүлөт. Бул саптагы маалыматтар тиркемеде келтирилген төлөм тендеминин стандарттык классификациясы боюнча операциялардын аталышын кайталабастан, конкреттүү операциялардын маңызын көрсөтүүгө тийиш. Бул операциялардын кодунун тууралыгын текшерүүнү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл. Ушундай жол менен “финансылык кызмат көрсөтүүлөр”, “башка иш кызматтары”, “товарлардын экспорту” сыяктуу жана башка түшүндүрмөлөр отчеттун толуктугу талаптарын канааттандырбайт. Акча каражаттарын товарлардын берүү үчүн төлөө эсебине которууда, төлөө кайсы товар үчүн болуп жаткандыгы жөнүндөгү маалыматтарда көрсөтүлүүгө тийиш. |

Отчетко ПБ-1 формасы боюнча, каражаттардын отчеттук айдын башына карата жана акырына карата калдыгы боюнча маалымат кат түрүндө берилет. Бул маалыматтар ПБ-1 отчеттук формасы боюнча чагылдырылган каражаттардын отчеттук мезгилдин башталышына карата жана акырына карата калдыгы боюнча маалыматтары менен дал келүүлөрү керек. Кошумча отчет төмөндөгүдөй формада берилет:

- ПБ -1К - формасы боюнча- каражаттардын четөлкө банктарындагы эсептерден жана четөлкөлүк банктардын кыргыз банктарындагы калдыктары боюнча маалыматтар.
- ПБ-1Н формасы боюнча - каражаттардын кассадагы накталай четөлкө валютасындагы калдыктары боюнча маалыматтар.
- ПБ-1С - каражаттардын резидент эмес - кардарларынын улуттук валютадагы четөлкө валютасындагы эсептердеги калдыктары боюнча маалыматтар.

# VI-тиркеме: Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөөчү коэффициенттерин эсептөөнүн ыкмасы

Тышкы карыз (EDT) - резидент эместердин алдында төлөөгө тийиштүү болгон четөлкө валютасы, товар же кызмат көрсөтүү түрүндөгү карыздык милдеттенмелеринин жыйындысы.

*Алынган каражаттар (DISB)* - кредитордун отчеттук мезгил ичиндеги кредиттик гарантиясынын көлөмүнөн суммаларды пайдалануу.

*Амортизацияланган төлөмдөр (AMT)* - отчеттук мезгил ичинде карыздардын негизги суммасын төлөө эсебине товар же кызмат көрсөтүү түрүндөгү төлөмдөрдү кошо алуу менен четөлкө валютасындагы төлөмдөр.

*Пайыздык төлөмдөр (INT)* - очтеттук мезгил ичинде товар же кызмат көрсөтүү түрүндөгү төлөмдөрдү кошо алуу менен четөлкө валютасындагы пайыздар боюнча төлөмдөрдүн иш жүзүндөгү суммасы.

*Тышкы карызды тейлөө (TDS)* - карызгерлер зарыл түрдө жүргүзүүчү амортизациялык жана пайыздык төлөмдөрү.

*Алып салуу (WRTOFF)* - төлөнбөгөн карыздарды нөлгө чыгаруу.

Кыргыз Республикасынын жалпы тышкы карызы мамлекеттик тышкы карыздын, жеке карыздын жана ЭВФтин кредити боюнча карыздардын жыйындысы катары аныкталат.

$$EDT = EDT_G + EDT_P \qquad (1)$$

мында, *$EDT_G$- Мамлекеттик тышкы карыз* - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тышкы карыздык милдеттенмеси, ЭВФтин алдындагы карыз плюс аларды төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен гарантияланган жеке карызгерлердин тышкы карыздык милдеттенмелери. Бул Кыргыз Республиксынын Экономика жана финансы министрлигинин маалыматынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ички булактарынын негизинде эсептелинет.

*$EDT_P$- Жекече тышкы карыз* - төлөөсү Кыргыз Республикасынын

Өкмөтү менен гарантияланбаган жеке карызгерлердин тышкы карыздык милдеттенмелери. Кредиттик каражаттарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн гарантиялоосуз тарткан менчик ишканалардын маалыматтарынын негизинде эсептелинет.

Тышкы карыздын көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата төмөндөгү формула боюнча аныкталат:

$$EDT_t = EDT_{(t-1)} + DISB_t - AMT_t - WRTOFF_t \qquad (2)$$

мында, $EDT_{(t-1)}$ - тышкы карыздын өткөн мезгилдин акырына карата көлөмү;
$DISB_t$ - отчеттук мезгил ичинде иш жүзүндө алынган каражаттар;
$AMT_t$ - отчеттук мезгил ичинде иш жүзүндө төлөнгөн амортизациялык төлөмдөр;
$WRTOFF_t$ - t отчеттук мезгил ичинде эсептен чыгарылган негизги суммалар .

Тышкы карыз боюнча маалыматтар өлкөнүн тышкы экономикалык абалын анализдөө үчүн зарыл болгон көрсөткүчтөрдү эсептөө үчүн пайдаланылат.

(EDT/GDP)*100% - жалпы тышкы карыздын ички дүң продукциясына болгон катышы;
(EDT/XGS)*100% - жалпы тышкы карыздын товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна болгон катышы;

$TDS_{prg} = AMT_{prg} + INT_{prg}$ - жалпы тышкы карызды тейлөө эсебине график боюнча төлөмдөр;

$TDS_{act} = AMT_{act} + INT_{act}$ - жалпы тышкы карызды тейлөө эсебине жүргүзүлгөн иш жүзүндөгү төлөмдөр;

$K_{prg} = TDS_{prg}/XGS$ - график боюнча жалпы тышкы карызды тейлөөнүн коеффициенти, XGS- товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту;

$K_{act} = TDS_{act}/XGS$ - жалпы тышкы карызды иш жүзүндө тейлөөнүн коеффициенти.

Бул көрсөткүчтөр өлкөнүн тышкы карыздын айынан тартып жаткан түйшүгүнө жана анын карызды тейлөө боюнча жөндөмдүүлүгүнө баа берүүсүнө мүмкүндүк берет. Карыздын айынан тартып жаткан түйшүгү жана анын карызды тейлөө боюнча жөндөмдүүлүгү өлкөгө валюталык түшүүлөрдүн үлүшү менен жана өндүрүш көлөмүндө өлчөнөт.

# VII тиркеме: Эларалык инвестициялык позицияларды түзүү ыкмасы

Эларалык Валюта Фондусу тарабынан иштелип чыккан Төлөм тендеми боюнча колдонмонун 5-чыгарылышына ылайык *Эларалык инвестицялардын теңдеми* статистикалык отчетту билдирет жана анда өлкөнүн белгилүү бир датага карата тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин топтолгон запасы (мисалы, жылдын акырына), ошондой эле финансы операцияларынын натыйжасында келип чыккан алардын өзгөрүүлөрү, нарктык өзгөрүүлөр, кайрадан баалоолор жана башка корректировкалоочу жол-жоболор камтылат.

Эларалык инвестицялардын теңдеми эки негизги классификациялык топтон: Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринен жана милдеттенмелеринен турат. Ушул топтордун компоненттери төлөм теңдеминин финансы эсебинин статняларына ылайык келет жана функционалдык категорияларды чагылдарыт. "Активдер" жана "Милдеттенмелер" бөлүгүндөгү маалыматтар Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин (талаптарынын) жана милдеттенмелеринин өлчөмүн, алардын түзүмүн изилдөөгө алынып жаткан мезгил аралыгындагы өзгөрүүлөрүнүн себептерин мүнөздөйт.

*Өлкөнүн таза эларалык инвестициялык позициясы* анын тышкы активдери менен милдеттенмелеринин ортосундагы айырмасын билдирет.

Эларалык инвестициялык позиция таблица түрүндө, төмөнкүдөй формада берилет:

| Көрсөткүчтөр | Бир мезгилдин башталышына карата калдык | Операциялардын натыйжасында өзгөрүүлөр | Баалардын өзгөрүүсү | Курстардын өзгөрүүсү | Башка өзгөрүүлөр | Бир мезгилдин акырына карата калдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| А | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| А. Активдер | | | | | | |
| В. Милдеттенмелер | | | | | | |
| С. Таза эларалык инвестициялык позиция | | | | | | |

Таблицалардын саптары боюнча негизги классификациялык топтор көрсөтүлгөн: Кыргыз Республикасынын тышкы активдери жана милдеттенмелери. Ушул топтун компоненттери төлөм тендеминин финансы эсебинин статьяларына ылайык келет жана функционалдык категорияларды чагылдырат.

Активдер тике инвестицияларга, портфелдик инвестицияларга, финансы деривативдерине, башка инвестицияларга жана камдык активдерге бөлүнөт. Мына ушундай эле бөлүү милдеттенмелер үчүн да пайдаланылат (камдык активдерден тышкары).

Каралып жаткан таблицанын тилкелери боюнча отчеттук мезгил ичиндеги эларалык инвестициялардын тендеминин компоненттеринин өзгөрүүсүнө алып келген факторлор чагылдырылат.

1 жана 6 - тилкелерде Кыргыз Республикасынын бир мезгилдин баш жагына жана акырына карата тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин абалы чагылдырылат.

2-тилкеде эларалык инвестицялык позициянын финансы компоненттери менен реалдуу операциялардын натыйжасында келип чыккан өзгөрүүлөр келтирилет.

3 жана 4-тилкелерде баанын деңгээлинин жана валюталык курстардын өзгөрүүсүнүн таасири астында тышкы активдердин жана милдеттенмелердин нарктык баасынын өзгөрүүсү эсепке алынат.

5- тилкеде төмөндөгүлөр менен шартталган жана башка өзгөрүүлөр чагылдырылат:

- классификацияны кайрадан кароо менен (мисалы, портфелдик инвестициядан инвестициялана турган объектинин капиталындагы инвестордун үлүшүнүн көбөйүүсүнүн натыйжасында тике инвестицияга өтүү);
- кредитор тарабынан карыздарды бир тараптуу жокко чыгаруу;
- жана башка өзгөрүүлөр менен.

Эларалык инвестициялык позициянын маалыматтары өлкөнүн тышкы экономикалык абалын анализдөө үчүн маанилүү, анткени, ал Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин (милдеттенмелеринин) өлчөмүн, алардын түзүмүн, жана изилденип жаткан мезгил аралыгындагы өзгөрүүлөрдүн себептерин мүнөздөп берет.

*Өлкөнүн таза эларалык инвестициялык позициясы* ошол өлкөнүн дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен тышкы экономикалык байланышынын өнүгүшү абалын жана тенденциясын аныктоо үчүн пайдаланылат.

Таза эларалык инвестициялык позициянын өлкөнүн ресурстары менен анын башка мамлекеттердин алдындагы карызынын ортосундагы катышты мүнөздөгөн оң же терс белгиси өлкөнүн "таза кредитор" же "таза карызкор" катары статусун чагылдырат, ал эми мунун өзү, мамлекеттин экономикалык саясатын иштеп чыгууда маанилүү ролду ойнойт (экономикалык туруктуулук программасын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, анын каржылоодогу керектөөнү аныктоо).

Таза эларалык инвестициялык позицияны эсептөө маанилүү макроэкономикалык позицияга - улуттук байлыкка баа берүүгө мүмкүндүк берет, ал эми анын өлчөмү өлкөнүн таза эларалык инвестициялык позициясын жана финансылык эмес активдеринин өлчөмүн кошуу жолу менен аныкталат.

# VIII-тиркеме: Экономиканын ачыктыгын жана тышкы сооданын концентрацияланууcун эсептөө ыкмасы

Улуттук банктын ыкмасы боюнча экономиканын ачыктыгы республиканын тышкы товар жүгүртүүсүнүн орточо маанилүүлүгү ички дүң продукциясына карата катышы катары эсептелинет. Улуттук банк тарабынан пайдаланылган экономиканын ачыктыгын эсептөө формуласы төмөндөгүдөй болуп саналат:

$$Opns = \frac{(Ex + \mathrm{Im})}{GDP}$$

мында, Ex - ФОБ баасы боюнча товарлардын экспорту,
Im - ФОБ баасы боюнча товарлардын импорту,
GDP - ички дүң продукция

Концентрациялануу коэффициенти өлкөлөр боюнча (продукциялардын түрлөрү) экспорттук-импорттук көлөмдөрдүн алардын чогуу алгандагы көлөмүнө карата катышынын квадраттык суммасынын квадраттык тамыры катары эсептелинет. Тышкы сооданын географиялык же товардык концентрациясы төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

$$K = \frac{\sqrt{\sum_{i=1}^{n} x_i^2}}{X}$$

мында, K - концентрациялануу коэффициенти,
xi - i товарынын экспортунун же i өлкөгө (өлкөдөн) экспорттун көлөмү
X - Кыргызстандын экспортунун же импортунун жалпы көлөмү

Концентрациялануу коэффициентинин көбөйүүсү өлкөлөрдүн санынын азайуусун же жалпы көлөмдөгү айрым өлкөлөрдүн (продукциялардын түрлөрүнүн) үлүшүнүн көбөйүүсүн билдирет.